Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын 2024-жылдын январь–октябрь айларына карата аткарылган иштери боюнча
МААЛЫМАТЫ
2-бет


# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил ... комиссиянын газетасы*

| №12 (310) | 13. 12. 2024. | e-mail: kyrgyztili@mail. ru




## Алыкул Осмонов:

*Сүйөм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,*
*Сени сүйгөн тагдырыма рахмат.*
*Өлгөндө да сенин таттуу жытыңды,*
*Жаткым келет көкүрөккө кучактап.*

* * *

*Жазда башка... Жел тийбесин абайла,*
*Көпкө турбас, мобул турган сур булут.*
*Бүт дартыңды өз мойнума алайын,*
*Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!*

* * *

*Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,*
*Тээ алыста чаң ызгыткан шаң чыгат.*
*Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан,*
*Эрдигинен нечен тирүү жан чыгат.*



Түмөнбай **КОЛДОШОВ:**

## АДАБИЯТ – ИСКУССТВОНУН БАРДЫК ТҮРҮНӨ НЕГИЗ

9,13,14,15,16-беттер



## Чыңгыз Айтматов:

*Элди түбөлүк эл кылып турган – анын тили. Ар бир тил – өз элине улуу. Биздин ар бирибиз бизди бул жарык дүйнөгө алып келип, эбегейсиз зор байлыкты – өз тилин тартуулаган элибизге түбөлүк милдеткербиз: анын тазалыгын сактап, байлыгына байлык кошушубуз керек.*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ТӨРАГАЛАРЫ





8-бет

# Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын 2024-жылдын январь–октябрь айларына карата аткарылган иштери боюнча

# МААЛЫМАТЫ

## Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, мекеме-уюмдардын иш кагаздарына талдоолор жана ага карата өтүлгөн жыйындар, иш-чаралар



2024-жылдын январь айынан тарта бир катар мекеме-уюмдарда иш кагаздарынын сандык, сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча жана «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптары тууралуу талкуу-түшүндүрүү камтылган атайын жыйындарды өткөрүү иштери улантылды. 2024-жылдын 9 айына карата иш кагаздарына жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгы:

2024-жылдын сентябрь айына карата иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн көрсөткүчү 50%дан жогору мекемелер:

– КР Президентинин Администрациясы - 62%, КР Финансы министрлиги - 60%, КР Санариптик министрлиги - 62%, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги - 73%, КР Билим берүү жана илим министрлиги - 61%, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги – 67%, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги – 69%, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги – 67%, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги – 59%, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги – 59%, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги – 54%.

Көрсөткүчү 50%дан төмөн мекемелер:

– 2024-жылдын 9 айында 50% көрсөткүчтү камсыздай албаган мекемелердин катарына төмөнкүлөр кирет: Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги - 41%, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги -45%, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги -36%, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги - 45%, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги - 42%.

Сандык көрсөткүч боюнча талдоодон сырткары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия (мындан ары -Улуттук комиссия) тарабынан Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Фундаменталдык илимдер институту менен биргеликте атайын долбоордун алкагында министрлик-ведомстволордун иш кагаздарынын сапаттык көрсөткүчтөрүнө же сабаттуулугуна талдоо жүргүзүлдү. Талдоонун жыйынтыгы 2024-жылдын жылдык көрсөткүчү менен биргеликте жарыяланат.

КР Президентинин Чүй, Нарын, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү менен биргеликте Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамынын кабыл алынгандыгын 35 жылдыгына карата «Мамлекеттүүлүк жана мамлекеттик тил» аталышындагы жыйындар өткөрүлдү. Жыйында аталган облустардагы мекеме-уюмдардын иш кагаздарынын сандык, сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча маселелер талкуланып, бирдиктүү чечимдер кабыл алынды.

## «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын аткарылышы боюнча

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 40-беренесин аткаруу максатында Улуттук комиссия тарабынан жогоруда аталган конституциялык Мыйзамга Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларын жана мыйзам алдындагы актыларды ылайык келтирүү боюнча талдоо иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында «Мамлекеттик тилди колдонуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору (мындан ары – Мыйзам долбоору) иштелип чыккан. Мыйзам долбоору 2024-жылдын 24-майында Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына жайгаштырылган.

# Киши болор кишинин китеп менен иши бар

*(12-декабрь Улуттук адабият күнүнө карата)*

2011-жылдын 12-декабрында "Улуттук адабият күнү" алгачкы жолу белгиленген эле. Эмне үчүн 12-декабрь? Анткени, дал ушул күнү алп акын Алыкул Осмонов бу дүйнөдөн өтсө, ал эми залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов жарык дүйнөгө келген күн экени маалым. Ушул себептүү 12-декабрь "Улуттук жазуучулар күнү" болуп майрамдалып келүүдө.

2024-жылы Улуттук жазуучулар союзунун 90 жылдык маарекеси салтанаттуу белгиленди. Ылайым жазуучулар бирикмеси кылымдарды карытып, акын-жазуучулардын башын бириктирип, таламын талашып жүрүшүнө тилектешмин.

Айтылуу акын-жазуучу А. Осмонов менен Ч. Айтматовдун арты азырынча тынч дешет адабиятчылар. Балким, арабызда алар менен тең тайлашчу алп калемгерлер бар чыгар? Бар болсо, кимдер? Жок болсо, Кудайдан үмүт артып күтөлү...

Быйыл өз мекенибизде Жогорку адабий курс ачылганы абдан чоң саамалыктардын бири болду. "Кыргыз тили" гезити бу аталган курсту кубануу менен колдоп, адабий курстун мыкты окуучуларынын чыгармаларын гезитибизге жарыялап, окурмандарыбыз менен бөлүшүп турууга даярбыз.

Дагы бир жүрөк жылыткан иштердин катарына А. Осмоновдун Бишкек шаарындагы үй-музейи толук оңдоп-түзөөдөн өткөнү болду. Аталган музей боюнча кийинки сандарда кенен маалымат беребиз. Анын үстүнө 2025-жылы Алыкул Осмоновдун 110 жылдыгы болот.

Менимче адам менен адабият бири-бирине абдан муктаж. Экөө эришаркак боло турган болсо, анда адамзатынан түңүлүүгө жана кыяматты күтүүгө али эрте деп ойлойм. Киши болор кишинин киши менен иши бар дегендей, киши болор кишинин китеп менен иши бар дегим келет.

Урматтуу калемдештер, окурмандар, Сиздерди "Улуттук адабият күнү" менен чын дилден куттуктап, чыгармачылык ийгиликтерди каалайм.

**Башкы редактор Орозалы Жапар уулу**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун жамаааты борбордун жетектөөчү илимий редактору
**Турганбаев Элебайга**
**ЭНЕСИНИН**
дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу терең кайгыруу менен көңүл айтат.

# "Манас" күнү: Улуу мурасты даңазалоо жана биримдик майрамы



4-декабрда Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында "Манас" эпосунун күнүнө арналган иш-чара салтанаттуу белгиленди.

Кыргыз улуттук "Манас" театрынын уюштуруусу менен өткөн бул майрам, улуттун руханий казынасынын улуулугун дагы бир ирет даңазалап, элди биримдикке жана мурасын сактоого чакырды.

Иш-чаранын расмий бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетов ачып, улуттук эпосубуздун өзгөчө баалуулугу жана анын глобалдык маданияттагы орду жөнүндө терең ойлорун ортого салды. Мамлекеттик катчы мамлекет башчы Садыр Нургожоевич Жапаровдун куттуктоосун окуп, эпосту изилдөө, сактоо жана дүйнөлүк коомчулукка жеткирүү маанилүүлүгүн белгиледи:

— "Манас" – бул элдин жүрөгүндө жашаган түгөнгүс руханий байлык. Биздин милдет – аны келечек муундарга өзүнүн түпкү касиетин сактоо менен өткөрүп берүү!"

Салтанатта Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев "Манас" эпосунун жайылуусуна салым кошкон инсандарга "Кыргыз тили" төш белгисин ыйгарды. Өз сөзүндө ал манасчылардын кыргыз тилинин тазалыгын жана даңазасын сактоодогу ролун баса белгилеп, алардын эмгеги кыргыз элинин руханий мурастарын түбөлүккө сактоого болгон салымы экенин айтты:

— "Манасчылар аркылуу кыргыз тилинин күчү жана рухий өзөгү жашайт. Сиздердин эмгегиңиздер улуттун сыймыгы болуп эсептелет," – деди ал.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Динара Ашимова, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максутов, белгилүү коомдук ишмерлер, манасчылар, маданият өкүлдөрү жана илимпоздор, студенттер катышты.

Кечеде эпостун улуу саптары жаңырып, манасчылардын аткаруусунда эпостун эпикалык күчү жана рухий тереңдиги жанданды.

"Манас" эпосунун күнүн белгилөө – бул улуттук аң-сезимди жаңыртып, руханий баалуулуктарды бекемдөө үчүн маанилүү кадам.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12 (310)

13 12 2024

kyrgyztili@mail.ru

Талкуулоого удаа мыйзам долбоору министрликтер, агенттиктер, кызматтар, комитеттер жана башка ведомстволор, облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөр, шаар мэриялары менен (жалпы 34 мекеме) макулдашуудан өткөрүлүп, айрым мекемелерден (12 мекемеден) сунуш-пикирлер келип түштү.

Мыйзам долбооруна ылайык 7 конституциялык жана 11 мыйзамга өзгөртүү киргизүү каралууда.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын айрым беренелеринен келип чыгуучу дагы башка жоболор боюнча талдоо иштери улантылып, жогоруда айтылгандардан башка да мыйзам алдындагы актылар иштелип чыгуусу күтүлүүдө.

Февраль айында КР Жогорку Кеңешинин Социалдык саясат комитетинде "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик тил жана тил саясатынын маселелери жөнүндө" № 864-VII токтому боюнча Улуттук комиссиянын жылдык отчёту каралды жана отчётко ылайык аталган комитет тарабынан токтомго тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилди.



## Мамлекеттик тилдин коомдук турмуштун башка багыттарында колдонулуусу тууралуу

Мамлекеттик тилди санариптештирүү боюнча

Улуттук комиссия тарабынан жасалма интеллект принцибинде иштеген IT продукцияларды жаратууга дем берүү максатында Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде 2024-жылдын 16-февралында кыргыз тилиндеги текстти үнгө айландыруу (Text to Speech) боюнча даяр программалык аппараттын APIсин колдонуп веб-сайт, мобилдик тиркеме же башка түрдөгү колдонмого интеграция жасоо жана иштөө абалына алып келүүгө негизделген хакатон (студенттер жана каалоочулар арасында) уюштурулду. Катышкан командалардын саны: жалпы – 35 (оффлайн - 27, онлайн – 8).

Ушундай эле хакатон кыргыз тилиндеги үнду текстке айландыруу (Automatic Speech Recognition) боюнча даяр программалык аппараттын APIсин колдонуп веб-сайт, мобилдик тиркеме же башка түрдөгү колдонмого интеграция жасоо жана иштөө абалына алып келүү максатында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде 17-18-апрель күндөрү уюштурулду. Катышкан командалардын саны: жалпы – 25, оффлайн -21, онлайн – 4.

Аталган окуу жайларда өтүлгөн хакатондун жеңүүчүлөрүнө демөөрчүлөр тарабынан акчалай байгелер тапшырылып, катышуучулар тарабынан иштелип чыккан, интеграциялоого сунушталуучу продукттарды өркүндөтүү боюнча багыттар белгиленди. Жеңүүчүлөрдүн бир катары РСК банкы жана Мегаком компаниясына акы төлөнүүчү такшалтмаларга жиберилди.

2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасынын алкагында санариптештирүү багыты боюнча бир катар иштер жүзөгө ашырылды. Атап айтканда маалыматтык технологиялардын (жасалма интеллекттин) негизинде башка тилдерден которуу үчүн атайын программалык продукт (Гугл Транслейт, Яндекс сыяктуу улуттук платформадагы) 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасынын алкагында иштелип чыгып, тесттик режимден өткөрүлүүдө.

Кыргыз тилин жеңил үйрөнүүгө багытталган "Кыргызча оңой"/"Easy Kyrgyz" мобилдик колдонмосу (Дуолингого үндөш) иштелип чыгып, андроид телефондору үчүн "Play Market", айфон телефондору үчүн "App Store" платформаларына жайгаштырылды. Тесттик режимден өткөрүлүп, бир катар мекемелерде (Кыргызстан калкынын ассамблеясынын диаспораларынын өкүлдөрүнүн) жана чет өлкөлүк студенттердин катышуусунда бир канча окуу жайларда атайын таанытымы өткөрүлдү.

Мобилдик колдонмонун шилтемелери: Андроид телефондору үчүн - https://play.google.com/store/apps/details?id=kg.easy. Айфон телефондору үчүн - https://apps.apple.com/kg/app/easy-kyrgyz/id6648783361.

"Мамлекеттик тилди жеңил үйрөнүүгө багытталган А1, А2 деңгээлиндеги видеосабактардын топтому келишимдик негизде кызмат көрсөтүүчү тарабынан даярдалууда. Аталган продукттардын атайын таанытымдары уюштурулуп, коомчулуктун колдонуусуна сунушталат.

Иш кагаздарынын мамлекеттик тилдеги ар кандай үлгүлөрү жайгашкан Инфодокс ЭДСнын атайын "Document.kg" функционалы жана ушул эле аталыштагы сайтка жайгаштырылуусу үчүн тармактык иш кагаздарынын үлгүлөрү иштелип чыгууда.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелери жана тыныш белгилери боюнча колдонууга ыңгайлуу жана презентабелдүү 160тан ашуун инфографикалык видео роликтер даярдалды. Даярдалган видеороликтер Улуттук комиссиянын социалдык баракчаларына атайын хэштег менен колдонууга жайгаштырылат.

## Мамлекеттик тилдин билим берүү тармагында жайылтылуусу боюнча

Чүй облусунун Москва, Ысык-Ата райондорунда кыргыз тилин эне тили, экинчи тил катары окуткан мугалимдердин жана аталган райондордун бала бакча тарбиячыларынын квалификациясын жогорулатуу боюнча пилоттук долбоордун алкагында атайын окутуу курстары пландаштырылды жана жергиликтүү райондук администрациялардын башчыларынын катышуусу менен иш-чаралар планы макулдашылды.

Бишкек шаарынын орус тилдүү тайпаларынын тарбиячылары үчүн "Орус тилдүү мектепке чейинки билим берүү уюмдарында кыргыз тилинде окуу-тарбия ишин жүргүзүү усулу" аталышындагы 2 айлык окуу курсу үзгүлтүксүз окутулуп баштады.

Мамлекеттик тилдин колдонулушуна багытталган иш чаралар жыл башынан бир катар окуу жайларда өткөрүлдү:

– Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Ж.Шабиров атындагы Республикалык окуу борборунда "Эне тил жана жасалма интеллект: учурдун талабы" аталышындагы иш-чара;

– М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетинде "Улуттар аралык достук" фестивалы;.

– Жогорку окуу жайлардын студенттеринин арасында "Мамлекеттик тил – улуттун тагдыры" аттуу VII республикалык олимпиада;.

– Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде «Жарнамалык тексттердеги сабаттуулук» аталышындагы кереге кеңеш;

– Улуттук комиссиянын алдындагы Окуу-маалыматтык жана котормо борбору тарабынан "Мамлекеттик тилди окутууну санариптештирүү жана жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу" аталыштындагы республикалык илимий-практикалык конференция;

– "Эбегейсиз ушул күндө, этникалык кыргыз дүйнө" долбоорунун алкагында "Аталар Изи" коомдук фондунун жетекчиси Асел Калканова менен биргеликте КР Улуттук тарых музейинде Туркиянын Ван аймагынын Улуу Памир айылынан келген этникалык кыргыздардын азыркы абалы, тили, маданияты боюнча ЖОЖдордун окутуучулары жана студенттери менен муундар баарлашуусу;

– Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту менен биргеликте кыргыз тилин окутуудагы тажрыйбалар боюнча республикалык форуму;

– Ош мамлекеттик жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде «Жогорку окуу жайларындагы мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселелери» аттуу мамлекеттик тил проректорлорунун жана ректорлорунун форуму.

– Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана КР Президентинин жарлыктары менен бекитилген стратегиялык документтерге ылайык милдеттердин алкагында:

– Балдардын жана өспүрүмдөрдүн "Сейтек" борборунда мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге, жалпы каалоочуларга ар жуманын шейшемби күндөрү "Кыргыз таануу" курсу уюштурулуп жатат.

– "Этностан" маданий бирикмеси тарабынан КР Мамлекеттик катчысы С.Касмамбетовдун катышуусунда Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгына жана Кызыл-Суу Кыргыз автономдуу облусунун 70 жылдыгына карата "Кыргыздын Манасы - адамзаттын айкөлү" аталышындагы конференция;

– "Тилимпоз" социалдык долбоорунун демилгеси менен КР Мамлекеттик катчысы С.Касмамбетовдун катышуусунда кыргыз тилинин бизнестеги орду талкууланган "Заманбап кыргыз тили 2.0" форуму;

– Ошондой эле Улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиевдин жетекчилигинде КР министрликтеринде, ведомстволорунда, мекеме-уюмдарында мамлекеттик тилди жана наркташтыкты жайылтуу максатындагы мамлекеттик тил боюнча жооптуу кызматкерлер менен кереге кеңеш;

– Дүйнөгө белгилүү "D Billions" чыгармачыл тобунун өкүлдөрү менен улуттук наркты бөбектөргө жайылтуу максатындагы атайын жолугушуу;

– "Диний чөйрөдөгү мамлекеттик тил саясаты" аттуу кереге кеңеш;

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматында кереге кеңеш;

– Жазуучу, драматург Б. Максүтовдун «Айкөл Манас баяны», «Эр Семетей баяны», «Сейтек баатыр баяны» китептеринин бет ачары болуп өттү.

## Ведомстволук мекемелердин ыйгарым укуктары боюнча иштери тууралуу

"Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү системасы боюнча 2024-жылдын 1-октябрына чейин (9 айдын ичинде) 11400 адам тест тапшырды. Тест графиги 2025-жылдын 15-февралына чейин толук түзүлдү. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын кабыл алынышы менен тест тапшыруучулардын саны кескин түрдө көбөйдү.

– Кыргыз энциклопедиясы жана терминология борбору тарабынан Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил" Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына жана Кыргыз энциклопедиясынын 55 жылдыгына арналган ««Терминология», «Ономастика» – коом жана мезгил» аттуу эл аралык илимий конференция Бишкек шаарында;

– "Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында колдонулган термин маселелери" аттуу республикалык-илимий практикалык конференция Ош мамлекеттик университетинде өткөрүлдү;

Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында тармактык терминдер бекитилип, 10 тармактык терминологиялык сөздүк басылып чыкты.

«Кыргызстан» улуттук электрондук энциклопедиясындагы айрым макалалары өзгөртүлүп жана толукталып жыйынтыкталды жана макалалардын жалпы саны – 8 336 түзүүдө.

Ошондой эле «Кыргызстан» улуттук электрондук энциклопедиясынын баштапкы этабын жайгаштыруу улантылууда, т. а. сервердеги макалалардын жалпы саны – 14 300, анын ичинен жаңы жазылган макалалардын саны – 612, иллюстрациялардын саны – 1402, формулалардын саны – 27, таблицалардын саны – 31. Терминология бөлүмүнө 2024-жылы чыгарууга 18 сөздүк сунушталды. Анын ичинен 8 сөздүк Терминология бөлүмү тарабынан каралып, Терминкомдун жыйынына коюлуп, басмага даярдалууда.

Улуттук комиссиянын алдындагы Окуу-маалыматтык жана котормо борбору "Иш кагаздарын мамлекеттик тилде туура жүргүзүү", "Кыргызтест" системасынын тесттерине даярдоо максатындагы А1,А2, В1, В2 деңгээлдери боюнча даярдоо курстарын жүргүзүп келет. 2024-жылы 6 мекеме менен келишим түзүлүп, жалпы 105 кызматкер окутулду. Мындан сырткары Бишкек шаарындагы 4 райондун бала-бакчаларынын 51 тарбиячысы, мугалимдери курстан өткөрүлдү.

## Мамлекеттик тилдеги балдар контентин жаратуу боюнча

Мультфильмдерди кыргыз тилине которуу боюнча 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында 2024-жылы УТРК, ЭлТР каналдары тарабынан балдар сүймөнчүгүнө айланган бир катар мультфильмдер, баланын тилин жатыктырууга багытталган ырлар которулуп, трансляцияланды. Алар: "Менин дүйнөм", "Токойдогу окуялар", "Зоопарк", "Сыйкырдуу сөздөр", "Есениянын сыйкыр дүйнөсү", "Боёктор", "Деңиз-океан", "Кийинебиз өзүбүз", "1;2;3;4;5", "Биз учабыз" мультфильмдери.

Мультфильмдерди тартуу милдети боюнча 2023-жылдын каражатына тартылып жаткан 4 мультфильмдер декабрь айында кабыл алынат. 2024-жылдын каражатына сатып алуу конкурстары өткөрүлүп, 4 мультфильмдин келишими түзүлдү.

Учурда аталган программанын аткарылышына жүргүзүлгөн талдоолорго ылайык 2025-жылы мамлекеттик тилдеги анимацияларды тартуу ишине каражат өлчөмүн жогорулатуу, 0+3 жаш курагы боюнча баланын тилинин чыгуусуна ылайыкталган контенттик мазмунду жаратуу талаптары адистер менен макулдашылууда.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№12 (310)
13 12 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Ашым Жакыпбеков жана “Манас» эпосу



**Садык АЛАХАН, филология илимдеринин доктору, професор**

*(Уландысы. Башы өткөн санда)*

## “Алтымышынчылар” жана Ашым Жакыпбеков

Өткөн кылымдын 80-жылдарынын соңуна келип биротоло бүткөрүлгөн бул романын көйкашка калемгер Ашым Жакыпбеков гезит, журналдар аркылуу болсо да окурман журтка толугураак жеткирүүгө аракеттенгендей, мүмкүн болушунча чоңураак көлөмдө жарыялоого шашкандай элес калтырат. Токсонунчу жылдардан тартып таптакыр башкача нукка түшкөн турмуш агымы Ашым Жакыпбековдун да, анын эң башкы китеби болгон “Теңири Манас” романынын да тагдырын таптакыр туңгуюк абалга апкелип такады. Муну биз калемгердин өзүнүн төмөнкү айткандарынан ачык сезебиз: “Өкмөт өзү жаздырды эле... Мындай заман келерин, манасчы Ашымдын азабын колго берерин билген жокмун да... Убада, сөз кылгандар көп. Бирок натыйжасы жок болуп жатат. Үмүттүн жиби илинген бир-эки жер бар, ошону күтүп олтурам. Болсо болду, болбосо Ак үйдүн алдына алып барып, колжазмамды өрттөп салам. Ишенбей калдым. ” (Самсак Станалиев. Ашыкем аман болгондо. (Мезгилге баш ийбеген ысым) // “Кыргыз Туусу, 2001, 11 – 13-октябрь, 13-б. )

Жогоруractagы көлөм жөнүндөгү кептин төркүн-төөсү ушунда – мүмкүн болушунча романдын көбүрөөк бөлүгүн окурмандарга жеткирип койсом деген жазуучунун көңүл тереңиндеги купуя сырда. Арманга толгон ачууга алдырып жиберип, “убадасын уй жегендерге” өчөшүп “Ак үйдүн” алдында алоолонтуп салса эмне болмок? Ар нерсе болушу мүмкүн эле да...

Жогоруда биз Ашым Жакыпбековду “көйкашка калемгер” дедик. Ооба, бул сөз эч бир апыртмасы жок айтылган кеп экендигине жазуучунун көркөм мурасы менен жакындан таанышкан ар бир адам ынанбай койбойт. Өткөн XX кылымдын элүүнчү жылдарынын экинчи, алтымышынчы жылдарынын биринчи жарымында улуттук адабиятыбыздын бардык түрү менен бардык жанрларына таланттуу жаштардын жоон тобу келип кошулгандыгы адабиятыбыздын өнүгүү жолдору менен өсүш тенденцияларын иликтеп-изилдеген окумуштуулардын дээрлик баарысы тарабынан ар качан баса белгиленип келе жатат. Алар прозада Ө. Даникеев,А. Саспаев, М. Гапаров, К. Жусубалиев, К. Жусупов, А. Стамов ж. б. болсо, поэзияда О. Султанов, Т. Кожомбердиев, М. Абылкасымова, Ж. Абдыкалыков, Ж. Мамытов ж. б. , ал эми драматургияда Б. Жакиев, М. Байжиев, М. Тойбаев, адабий көркөм сында К. Бобулов, С. Жигитов, К. Артыкбаев ж. б. эле. Ушундай эле көрүнүш искусствонун да бардык тармактарында болуп жатты. К. Молдобасановдун, Н. Давлесовдун, Т. Садыковдун, Т. Океевдин, Б. Шамшиевдин, Г. Базаровдун, Б. Бейшеналиевдин, Т. Турсунбаеванын, С. Чокморовдун, Р. Чокоеванын, Б. Миңжылкиевдин, С. Токтакуновалардын чыгармачылык өмүр-тагдырлары бул айтылган оюбуздун айкын мисалы болуп эсептелет. Мына ушул топтун ичинде көйкашка калемгер, Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Ашым Жакыпбековдун чыгармачылык жылдызы да өзгөчө жаркырап жанып турат.

Ошол элүүнчү жылдардын экинчи жарымында республикабыздын гезит, журналдарында алгачкы аңгемелери жарыяланып жүргөн жаш калемгердин “Жаралуу көгүчкөн” деп аталган тырнак алды жыйнагы 1961-жылы басылып чыкты. Андан бир аз убакыттан соң эле жамы журт, жалпы окурман калкы тарабынан жогорку деңгээлде кабыл алынган “Катаал багыт” повестин жаратты калемгер. Сөздүн чынын айтканда, улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун өлбөсөчпөс повесттеринин жарыкка чыгышы менен жанрдын таптакыр жаңы чектери аныкталып турган ошол учурда окурмандардын бийик талабына жооп бере турган повесть жаратуу кыргыз жазуучулары үчүн өтө оор да, өтө кыйын да иш болуп калган эле. Дал мына ушул учурда жаралган Ө. Даникеевдин “Кыздын сыры”, К. Жусубалиевдин “Күн автопортретин тартып бүтө элек” жана дал ушул А. Жакыпбековдун “Катаал багыт” повесттери нукура оригиналдуулугу менен айырмаланышып, авторлорунун ысымын адабияттын алдыңкы катарына алып чыгышкан болчу.

Андан соң Ашым Жакыпбековдун “Биз атасыз өскөнбүз”, “Кыргыз жеринин жомоктору”, “Айдагы жезкемпир” деген сыяктуу ж. б. китептери окурмандарга тартууланды жана алар китеп сүйүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынды.

Дээрлик он беш жыл “Кыргызфильм” киностудиясында башкы редактор болуп иштөө менен калемгер бир катар кинофильмдердин сценарийлерин жазды. Ошону менен бирге А. Жакыпбеков орус жана дүйнөлүк адабияттын улуу өкүлдөрүнүн эң мыкты чыгармаларын эне тилибизге өтө бийик деңгээлде таржымалап берген чебер котормочу да болуп эсептелет. Алардын катарында С. Цвейгдин новеллалары менен М. Ю. Лермонтовдун “Биздин замандын уулу” романы турат.

Албетте, А. Жакыпбековдун котормочулук өнөрү жөнүндө сөз кылганда улуу калемгерибиз Ч. Айтматовдун “Делбирим”, “Ботогөз булак”, “Гүлсарат”, “Ак кеме”, “Эрте келген турналар”, “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт”, “Кылым карытар бир күн”, “Кыямат” аттуу чыгармаларынын Ашым Жакыпбеков тарабынан кыргызчага которулушу тууралуу айтпай кетүүгө болбойт. Булардын кайсынысын кантип которгондугу жөнүндө калемгердин өзүнүн эскерүүлөрү, жолдош-жоролорунун, адабиятчылардын жазгандары, илимпоздордун А. Жакыпбековдун дал ушул чыгармаларды которуудагы чеберчилиги тууралуу изилдөөлөрү башка учурда, башкача жагдайда айтылчу сөз болгондуктан бул маселени тереңдетүүнү туура көргөн жокпуз. Бир гана айтарыбыз: А. Жакыпбеков которбой калган улуу жазуучубуздун соңку “Кассандранын эн белгиси” жана “Тоолор кулаганда” деген романдарынын кыргызча таржымалары кандай тагдырга туш болду? “Тоолор кулаганданы” эне тилибизге төрт котормочу төрт башка деңгээлде таржымалабадыбы



кашайып...

## Баатырдык эпопеядан – роман-эпопеяга

Өмүрүнүн соңку он жылын көйкашка калемгер А. Жакыпбеков – жогоруда айтылгандардан байкалып тургандай – “Манас” эпосун кара сөзгө айландырууга, тагыраак айтканда, Улуу Сөздү өзөк кылып алуу менен нукура реалисттик чыгарма жазууга арнады.

Арийне, “Манас” эпосу, Чокан Валиханов өзгөчө таамай белгилегендей, “бир убакытка келтирилген жана бир адамдын – Манас баатырдын тегерегине топтолгон кыргыз мифтеринин, жомокторунун, ылакаптарынын энциклопедиялык жыйнагы. Бул – талаа “Илиадасы” сыяктуу чыгарма. Бул чексиз чоң эпопеяда кыргыздардын турмушу, салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүгү жана эл аралык мамилеси орун алган”. (Ч. Валиханов. Собрание сочинений в 5-ти томах. – т. 2 – Алма-Ата, 1985. 248-б.). “Манас” эпосун эң алгачкылардан болуп изилдеген (анан да Улуу Сөз жөнүндөбуга чейин жазган окумуштуулардын дээрлик баарысы мисалга тартпай койбогон) казактын улуу уулунун бул пикиринде биз көңүл бура турган эки жагдай бар.

Биринчи. Буга чейин бардык окумуштуулар тарабынан баса белгиленип жүргөн “Илиадага” байланыштуу пикири. Биз муну, албетте, “Манас” Ч. Валиханов тарабынан дүйнөлүк эпостун катарында бааланып жатат деп түшүнөбүз. Бул, арийне, баарыга белгилүү жана түшүнүктүү нерсе.

Экинчи. Улуу “Манас” Ч. Валиханов тарабынан эпопея катары сыпаттала бааланып жатканы. Ал эми эпопея деген – адис окумуштуулардын кынтыксыз аныктоолору боюнча – эки топко бөлүнөрүн эстен чыгарбашыбыз керек. Дал ушул чен-өлчөмдөн алып караганда, “Манас” баатырдык эпопеянын үлгүсүндө жаралган чыгарма болуп эсептелет. Ал эми “героические эпопеи, создававшиеся так или иначе всеми народами в определенную эпоху их развития – в период формирования государственности, уходят корнями в древнейший фольклор, мифологию, легендарную память о доисторических временах...

В основе художественности древних эпопей лежит величественная героика, ибо выступающие в них человеческие образы как бы непосредственно олицетворяют собой весь народ и рещают своими деяниями судьбу целого общества и государства. Естественно, что в древних эпопеях господствует гиперболическая образность, переходящая в прямую художественную фантастику”. (Словарь литературоведческих терминов. (Редакторы-составители Л. И. Тимофеев и С. В. Тураев) – М. : Просвещение, 1974. – 472-б).

Адамзаттын соңку тарыхында жаралган роман-эпопеядан мына ушундай өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турган көркөм дүйнө болгон баатырдык эпопеяны роман-эпопеянын ( кара сөздүн) талаптарына шайкеш келтире жазып чыгуу канчалык татаал да, канчалык жооптуу да иш экендиги айтпасак да түшүнүктүү эмеспи. Анткени, тамыры тээ байыркы фольклорго, мифке, атамзамандагы мезгилге кетип, жапан журт жумурият болуп калыптана баштаган мезгилде атпай журт тарабынан жаралчу баатырдык эпопеяны соңку кылымдарда жаралган роман-эпопеянын формасы менен алкагына ылайыкташтырып – кандайдыр бир деңгээлде болсо да – жазып чыгуу, кайталап айтабыз, татаал да, жооптуу да иш эмеспи.

## “Теңири Манас” – эпоско теңдеш роман

Эгерде, баатырдык эпопеяларда согуштук баяндар алдыңкы сапта турса, бул эпостун негизинде жазылган кара сөз түрүндөгү бүгүнкү романда реалисттик адабияттын талап-мүдөөлөрү канчалык деңгээлде сакталыш керек? Маселенин баары мына ушунда турат.

Баарыга белгилүү болгондой, тээ байыркы, байыркы замандарда жаралган көркөм туундуларда жаратылыш, табият, анын кереметтүү күчтөрү биринчи сапта баяндалса, кийинчерээк пайда болгон мифтик чыгармаларда Кудайлардын турмушун сүрөттөө ошол мифтик чыгармалардын башкы озуйпасы болгон. Андан соң гана адабияттын башкы предмети – адам жана анын турмушу болуп калды. “... предметом искусства и литературы

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№12 (310)
13 12 2024
kyrgyztili@mail.ru

# КАРАКЧЫ КИМ ДА, КАРАЧКЫ ЭМНЕ?



Ысмайыл КАДЫРОВ

"Каракчы" деген сөз менен "Карачкы" деген сөздүн айырмасы барбы? Айырмасы жок. Анткени, "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө" (1984) "КАРАЧКЫ туурасы:каракчы" деп жазылган (475-бет). Ал эми ушул сөздүктө каракчы терминине 3 маани камтылган. 1. Талоончу, карактап кетүүчү, каракчылык кылуучу. 2. Эски кийимден, чүпүрөктөрдөн ж. б. жасалып, таранчыдан же башка нерседен эгинди, бакчаны ж. б. коруу максатында сайып коюлган сөлөкөт. 3. Кейпи жаман, булганыч, жүдөө кишиге карата же бирөөнү кодулоо, кемсинтүү иретинде айтылат (472-бет). "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн 2016-жылы чыккан 1-томунда "Каракчынын" ушул үч мааниси тең кайталанса, "карачкы" термини такыр жазылган эмес.

Ал эми академик К. К. Юдахин түзгөн "Кыргызча-орусча сөздүктө" (акыркы чыгарылышы, 2019) "Каракчы 1. Грабитель, разбойник. 2. То же, что каракчы" – деп жазылса (387-бет), "карачкы пугало; чучело (которое ставят у овечьего загона для отпугивания волков)" деп жазылган (390-бет). Х. К. Карасаевдин "Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүндө" (2019) каракчы (огородго коюлган сөлөкөт), каракчы (талоончу) (245-бет); каракчы, карачкы (246-бет) деп берилип, мында деле каракчы менен карачкы бир эле синоним термин катары айтылат. Ш. Жапаров, К. Сейдакматовдор түзгөн "Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгүндө" (1984) да "Каракчы (карачкы), талоончу, тоноочу" деп жазылат (162-бет).

Мына ушул сөздүктөрдөн биз каракчы менен карачкы бир эле синоним сөздөр экен деп түшүнөбүз. Атактуу аалымдарыбыз жазып аткандан кийин чын эле ошондойбу? Жок, андай эмес. Атактуу тилчилерибиз эл колдонгон сөзгө маани бербей, ардактуу академигибиздин биринчи жаңылыштыгын ээрчип кетишкен. Академик атабыз алгач "2. То же, что каракчы" деп жазып алып, кийин "карачкы пугало; чучело" экенин билип, тактап жазганда мурунку жазганын унутуп калса керек. Унутпаса, кийин так жазгандан кийин оңдоп коймок. Албетте, пенде болгондон кийин, миң деген терминдер менен иштеп жаткандан кийин жаңылыштык кетээри турган иш. Ушул катачылыкты оңдоо биздин парзыбыз. Бул пикир дагы ушул эки сөздү айырмалай албаган жаштарды көргөндөн жаралды.

Каракчы – Түшүндүрмө сөздүктөгү биринчи гана маанини берген сөз. Орусча грабитель, разбойниктин маанисине туура келет. Ал эми карачкы – Түшүндүрмө сөздүктөгү экинчи, үчүнчү маанисин камтыйт. Же болбосо К. К. Юдахин тактап жазгандай орусча пугало, чучело маанисиндеги сөз. Чынында эле каракчы – талап-тоноп, карактап кеткен жандуу адам болсо, карачкы – эгинди чымчыктан, короодогу малды ит-куштан коргоо, чочутуу максатында коюлган адам кейпиндеги жансыз сөлөкөт. Демек, экөө таптакыр эки башка маанидеги сөздөр. Сөздөрдү туура, так айтышыбыз, айрыкча китепке так жазышыбыз мамлекеттик тилдин өнүгүшү үчүн негизги кадам болуп саналат. Сөздөрдү туура айтмайын тилибиз эч качан өнүкпөйт.

Мына ушундай, дагы толгон токой кемчиликтерди четтетүү үчүн "Кыргыз тилинин сөздүгүн" оңдоп, толуктап тезинен кайра чыгаруу керек. Анткени, бул сөздүктө жогоркудан башка ашыкча сөздөр да, жок сөздөр да арбын. Сөздүктү жакшылап иштеп чыгуу, жазылган сөздөргө олуттуу мамиле жасоо мезгилдин талабы. Болбосо "Түшүндүрмө сөздүктүн" 2019-жылдагы акыркы чыгарылышында 1984-жылдагысынан көчүрүлүп "библиотека, библиотекарь, библиотекачы" (247-бет), "китепкана, китепканачы" (777-бет) терминдеринин жүрүшү аны окуган балдардын экөө эки башка сөз деп талашууларына жол ачаары айдан ачык. Уят иш. Мурункусу го совет мезгилинде жазылган, кийинкиси оңдолуш керек эле да. Ушул сөздүк боюнча мындай сын-пикирди дагы улантсак, өзүнчө дагы бир китеп жазылаары турган иш. "Орфографиялык сөздүктө" да ушундай чалкештиктер, чаржайыттыктар арбын. Ошондуктан "уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам келиним сен ук" дегендей ушул пикирди тиешелүү мекемелер жана илимпоздор эске алат деген ойдомун.

---

является действительность в её отношении к человеку" – деп баса белгилейт адабият теориясы боюнча белгилүү окумуштуу Н. А. Гуляев. (Гуляев Н. А. Теория литературы. Изд. второе, испр. и дополненное. – М. : "Высшая школа" 1985. – 65 – 66-бб. ). "Адабияттын спецификасы жөнүндө сөз кылганда, эң алды менен айта турган анын негизги касиети, маселенин өзөгү – адабият адамтаануу экендиги. Кандай гана чыгарманы окубайлы, баарынан мурда, адам турмушу, күрөшү, баштан кечиргендери жана тагдырлары менен таанышабыз... Ар кандай чыныгы сүрөткер ар бир конкрет тарыхый мезгилдин жагдай-шартында калыптанган жана ошонун натыйжасы болуп эсептелген кейипкердин ички дүйнөсүн, рухий мазмунун талдап жана ачып берет.

Бул кандайдыр бир логикалык ой жүгүртүүлөрдүн же аныктамалардын жардамы менен эмес, көркөм образ түзүү менен ишке ашырылат." (Борбугулов М. Адабият теориясы. Окуу китеби. – Б. : "Шам", 1996. – 133-б. ). Реалисттик адабияттын жол-жобосун, ички мыйзамченемдери менен спецификалык бөтөнчөлүктөрүн, баарынан да реалисттик адабияттын адамтаануучулук касиетин тереңден өздөштүргөн залкар калемгер Ашым Жакыпбеков мухит сымал учу-кыйырсыз эпостун окуяларын жан дүйнөсү, дүйнө кабылдоосу бүгүнкү илим менен техниканын доорунда калыптанган окурмандын ой-сезимине, максатмүдөөсүнө төп келе турган усул-ыкманы өзгөчө таамай да, бөтөнчө кылдат да таба билген. Ал – жогоруда проф. М. Борбугулов таамай белгилегендей – турмуш чындыгын жеке пенде, бир адам, анын көркөм образы аркылуу ачып берүү ыкмасы, талдап берүү жолу. Бул көрүнгөн эле калемгердин колунан келе бербей турган ыкма, бардык эле сүрөткерлер таба алчу жол эмес болчу. Мындай ыкма менен мындай жолду элдин өткөндөгү эпикалык дүйнөсү менен бүгүнкү реалдуу турмушун жан дүйнөсүндө, аң-сезиминде, жүрөк түпкүрүндө мамыр-жумур жуурулуштура алган калемгер гана таба алат болчу. Тилекке жараша, Ашым Жакыпбеков дал мына ушундай калемгер эле.

Жети баптан турган романдын көпчүлүгүн түзүп турган бөлүмчөлөрдүн аталышы момундай: "Теңируул", "Бала Манас", "Бакай", "Хан Манас", "Кошой", "Жоо Жолой", "Көкөтөй", "Алооке", ""Шоорук", "Алмамбет", "Каныкей". Булардан башка эпикалык дүйнөтаанымда адам тариздүү кабыл алынып, пенде сыяктуу эле тагдыр-ташпиши менен сүрөттөлгөн айбанаттардын, жер-суулардын типтүү өкүлдөрү (ооба, типтүү өкүлдөрү) улуу эпосто бир топ. Залкар жазуучу А. Жакыпбеков бул өзгөчөлүктү кылдат байкай билген. Айтылган сөзүбүздүн айкын мисалы катары "Теңири Манас" романында "Аккула", "Талас" деген бөлүмчөлөрдүн жазылышын көрсөтүп кетсек болот.

Мына ошентип, учу-кыйырына көз жеткис мухит сыяктуу сезилген, нукура фольклордук көркөм дүйнөнүн классикалык үлгүсү болгон улуу эпосубузду – "көбү төгүн, көбү чын", "жарымы төгүн, жарымы чын" эпосубузду – чыныгы реалисттик адабияттын айдыңына апекелүүнүн жолун эң сонун тапкан залкар калемгер А. Жакыпбеков ошол эпикалык дүйнөнү "адам турмушу, күрөшү, баштан кечиргендери жана тагдырлары" аркылуу сүрөттөө менен бүгүнкү окурмандын жан дүйнөсүнө, эстетикалык табитине, барынан да реалисттик адабияттын мыйзамченемине төп келген өзгөчө бир көркөм дүйнөнү жараткан.

---



# *Саякбай саптар*

(Улуу манасчы С. Каралаевдин 130 жылдыгына карата)

*(Уландысы. Башы өткөн санда)*

**Бакыт Баймырзаев – Ж. Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын доценти**

**5.**

***"Көз көрбөй томогочон турган менен,***
***Ал үндү алда кайдан тааныйт белем?***
***Кайрадан шаңшып коюп, кош канатын***
***Талпынтып , күтүп турду кайран берен".***

**(Ж. Садыков)**

*Бүркүтү экөө бирге турчу сүйлөшүп ,*
*Бул дүйнөнүн ак-карасын бир көрүп.*
*"Манас" Сакең үчүн болсо жан шерик,*
*Бүркүт анын өмүрүнүн бир бөлүк.*

*Эки кыраан бири-бирине ык коюп ,*
*Бүркүт барда Сакең куунак – нык тоют.*
*Ээси менен эрмектешүү, сүйлөшүү –*
*Алп куш үчүн арзан эмес - миң соолук.*

*Арбын өнөр бир адамга топтолуп ,*
*"Манас" айтуу, бүркүт салуу – чоң жорук.*
*Сакең муну тең салмакта сактады*
*Оосо эгер , ошол жагын оңдонуп.*

*Дал ошондой далай күндөр сап болду ,*
*Манасчыга мындан бийик бак конду.*
*Ааламында айкөл шердин магдырап ,*
*Миллион сапты жан дүйнөдөн өткөрдү .*

*Кара чолок туурунда жайма жай,*
*Томогочон болсо дагы шамдагай.*
*Сырттан болчу ар бир кыймыл эсепте*
*Калчу эмес "шырп" эткенди байкабай.*

*... . Сакең дайым калдалаңдап, шашылып ,*
*Салып уруп кыраанына ашыгып.*
*Санап күндү сагынычта өткөргөн*
*Кара чолок каалап турчу талпынып... .*

**6.**

***"Баргандар менин сөзүм жалган дебес ,***
***Бул жолу жалгыз гана Сакем эмес ,***
***Сагынган бүркүт түрүн көрүп туруп ,***
***Ыйламак болсо дагы кандай мерес . "***

**(Ж. Садыков)**

*Ооба да , ойго келбес учур болуп ,*
*Ошондо таң калышып моюн созуп.*
*Жабыла жабалактап карады дейт ,*
*А бүркүт жеген экен жемин чокуп.*

*Оңдонуп олтурду ал тууруна*
*Томого кийгизилди чыны буга.*
*Тумшугун жанып-жанып ормоң карап ,*
*Талпынып Сакең жакка бой урууда.*

*Саякбай салып уруп өйдө туштан,*
*Жакындап бүркүтүнө келет ыкчам.*
*Ал дагы берилеген үндү угуп ,*
*Тааныды , шаңшып алды: "бийик учсам!"*

*Бүркүтү жаш баладай эркеледи ,*
*Саякбай колуна алса, эпке келди.*
*Төшүнө башын жөлөп көөшүй берсе,*
*Көзүнөн өпкөн сайын - башка белги .*

*Кыраанды мүнүшкөргө ылым санап,*
*Кылыгы жан кубантат кылым таяп.*
*Карылык салган менен карт чеңгелин*
*Бой бербей кайран Сакең күлүп барат.*

*... . Бул экөө жаны бирге курдаш эле ,*
*Баяндап баш тарыхтан сырдаш эле.*
*Башына түшкөн сайын кайгы жүгү*
*Саякбай бүркүт менен муңдаш эле...*

***(Уландысы бар)***

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12 (310)
13 12 2024

kyrgyztili@mail.ru

# ЭССЕЙ: көркөм – философиялык туюнтма



Аскарбек БЕКБОЕВ

## Куш

*(аллегория)*

Кызык учур. Эңсеп жүргөн учур. Көксөп жүргөн учур. Зымырык кушу тууруна конгон учур. Кушка айланган учур…

Көп күткөн куш да келип конгон. Андан бери кылымдын үчтөн-бирине тете мезгил очорулду. Майнап байкалбайт.

Куш конгондо канаттары дирилдеп, чыкчырылып, азыр эле бийиктеп учуп кетчүдөй эле. Конорун конду, бирок учпады, уча алган жок. Куш экен десең учпайт, мөгдүрөп. Куш эмес дейин десең эки канат, куйругу бар. Канаттары бири көтөрүлсө, бири жапырылат. Куйругу бир жазылып-көтөрүлүп бир жапырылып калат.

Бир канаты бир канатына баш ийбей… Эки эрен (эки канат) – Эркиндик менен Стабилдүүлүк. Баш-аягы жок учурдун "кызыктыгы"… Эркиндик Стабилдүүлүктү, Стабилдүүлүк Эркиндикти сүйрөй турган мезгил.

Табияты боюнча бул эки эрен эриш-аркак. Бири-бирин колдоп турар жөнү бар. Эркиндик болсо Стабилдүүлүк, Стабилдүүлүк болсо Эркиндик болот деген шекил.

Анткени экөө тең "жакшы турмуш" – демократиянын өбөк-жөлөгү. Демократия – прогресстин үлгүсү болсо, ал эми Эркиндик, Стабилдүүлүк анын эки канаты.

Куш эки канаты менен учат деп коёбуз го адатта. Демократия куш болсо, анда анын эки канаты Эркиндик, Стабилдүүлүк. А, бирок турмушта куш эки канаты менен учуп, куйругу менен конот эмеспи.

Андай болсо демократиянын куйругу эмне… Болдуболбоду ал – демократияны эш туткан калың журт болсо керек. Ким билет, мүмкүн андай эместир.

Кептин ток этер жери, куштун уча албай жатканында. Бир канаты бир канатына душман болуп… Эркиндик ээнээздукка, Стабилдүүлүк Эркиндиктин чалмасына айланып…

Куйрукта болсо дарман жок. Бирде жалооруп Эркиндикти карайт. Бирде, Стабилдүүлүктү тиктейт. Бирде буга, бирде тигиге ыктайт…

Ошентип, куш талпынып коюп уча албай турат. Кайра-кайра талпынып коёт. Талпынган сайын үмүт оту жанат. Эки канат - Стабилдүүлүк менен Эркиндик болсо бирининин жолун бири торуйт. Кайра эле үмүт оту суу сепкендей жалп этет…

Кеп кимде…

Куштабы, эки канатындабы же кушту таптаган мүнүшкөрдөбү…

***

## Эриккендеги ой…

Тажатма, кайталанма, бир өңчөй турмуш кыжырды козутат.

Мындайда негедир маанайы чөгүп, ачуулуу да болуп калат, адам баласы.

Ошондон улам ал…

Өзгөрөйүн, өзгөрөйүнчү деп… иштеп жүргөн ишин, жумушун, жашаган жерин, үй-жайын, тегерегин, чөйрөсүн, жада калса жакындарын өзгөртөт.

Бирок, өзгөрбөйт.

Баягы эле көңүлгө көк талкандай тийген турмуш.

Эмне үчүн…

Анткени, ал өзү (жан-дүйнөсү, ой-пикири, жүрүм-туруму) мурдагы, өзгөрбөгөн калыбында калды.

Демек, өзгөрөйүн десең, адеп, ири алды менен өзүңдү өзгөрт. Ошондо, сени курчап турган кырдаал да кубулуп, башкача сен каалаган нукка түшөт. Мурдакийин байкабаган, туйбаган, сезбеген сенден "жашынып" жүргөн жагдайларды көрөсүң.

Сен өзгөрөсүң, сени менен кошо чөйрө өзгөрөт.

Бул жөн эле, силер билген, эриккендеги ой…

***

## Пикир…

Шопенгауэр "Талашта жеңип чыгуунун искусствосу" деген китебинде мындай ойду кыйытат…

… мээ түзүлүш интелектулдык чыңалуу учурунда өзгөчө дүүлүккөн абалда болот да алгач ирет, биринчи айтылган пикирдин жаңылыштык болгону менен макул болгусу келбейт, анын жаңылыштык экендигин адилет белгилеген пикир менен да таптакыр макул болгусу келбейт.

… Айтканынан кайтпагандардын өжөр жоругу мээнин ушундай дүүлүгүсү, "жоругу" менен түшүндүрүлөт, калыбы…

***

## Эрктүүлүк жана көктүк…

… Эрктүүлүк менен көктүк көп учурда чаташып калат. Эрк жөндөмдүн, таланттын канаты. Эрк менен жөндөм шыктанат, талант ташкындайт. Эрксиз жөндөмдүү, талanttуу болсо да, эркинен ажырайт. Максатына жетпей калат. Темирдей эрк максаттын өтөөсүнө чыгарат. Бирок, алдын ала тактап койо турган нерсе…

… Эгерде эрк майда, маанисиз нерселер менен алагды боло берсе, андай эрктүүлүк барып-келип көктүккө айланат. Көктүк формасы боюнча эрктүүлүк менен окшош болгону менен, ал эрктүүлүктү мазмунунан алыстатат.

… Форма менен мазмун ар дайым эле дал келе бербейт. Эрктүүлүк менен көктүктүн формасы бирдей, бирок мазмуну эки башка. Карама-каршы. Эрктүүлүк мүнөздү чыңаса, көктүк мүнөздү мерески айлантат. Ошентип, көктүк барып-келип мүнөздүн пародиясына айланат. Анткени ал – мүнөздүн пародиясы (көктүк) адамды тажатма тажаалга айлантып, көп кишиден алыстатат.

… Көк киши өзүн эрктүү адам деп эсептеши мүмкүн, бирок андан көп киши качып калат. Эрк адамды көч башына жетелесе, көктүк жалгыздатат…



***

## Интеллектуалдык мошенник…

Туура ой жүгүртүүнүн да өзүнө тиешелүү мыйзамдары бар. Ал мыйзамдар ойдун иретин, ырааттуулугун аныктап, камсыз кылып турат. Эгерде ой жүгүртүүнүн ошол мыйзамдары (билбестиктен же атайын) бузулса, анда логикалык жаңылыштык пайда болот. Кээде аны, ойдун атайын эмес, адашып айтылган жаңылыштыгын паралогизм (грек тилинен – жалга ойжүгүртүү) деп, ал эми, эгерде ойлоонун мыйзамдары атайылап, аңсезимдүү түрдө, билип туруп бузулса, анда аны "софизм" же "софистика" (грек тилинен – ойдон чыгарылган) деп койобуз.

Ошентип, софизм жалганды чындык катары таңуулаган логикалык куулук болуп эсептелет же аны "интеллектуалдык мошенник" деп койсок болот. Интеллектуалдык мошенниктер кандай ыкма менен болсо да максатына жетүүнү көздөп калпты чындыктай "шыпырылтып коёт". Коорупционер тойгончо (кара курсагы жарылганча) уурдап, "өлгөнчө" карганат, кудайга шытлтап. Бийликти мазар туткан саясатчы да бул жагынан коррупционерлерден ашса ашат, зили кем калбайт.

Ошентип, интеллектуалдык мошенниктер биздин арабызда… Алар көп карганын арасындагы ак каргабыз, биз дүйнөнүн түркүгүбүз, өтүгүбүздү төргө илебиз деп жүрүшөт… ошолордун арасында өзү билип туруп мыйзам бузганын атайылап жадынан чыгарып, азыр "мыйзам талаасы… мыйзам бузулду эле бузулду" ууру урууну карма эле карма деген сымал саймедиреп жүрөт…

Интеллектуалдык мошенник – жасалма, көңдөй интеллигент. Ал чындыкты жалган максаты үчүн ийкемдүү колдонууну укмуштуудай өздөштүргөн.

***

## Ой пикир…

Жаңылгандар (адашкандар) алардын пикири чындыка коошпогонун (дал келбесин) билбей (адашып) жаңылышат; ал эми калп айтып кара жанын жегендер алардын пикири жалган экенин билип туруп, атайын жалганды чындыктай кеп кылышат (шыпырылтат).

Жаңылыштык чындыктын жолу татаал-тайгак экендигин туюндурса, калп чындыктын да "душманы" бар экендигин тастыктайт.

***

## Манипулятор…

… Кээ бир, айрымдар көгөрүп сомдоп-колдоп келген, пикирлердин тулкусуна көпчүлүккө анчалык байкалбаган ойлор тепшилген.

… Ачылбаган сандыкта бычылбаган тери бар. Аны билген билет, көрө билген көрөт. Көпчүлүгү айтсаң уккан кулагына ишенбейт, караңгыда учук издегендей болот.

Анда эмесе…

Өзүнүн гана оюн туура туткан, өзгөнүн пикирин түк жактырбаган, өзүн гана билимдүү сезип, өзгөлөрдү "караңгы көргөн", өзүн ойдун гигантындай ойлоп, өзүн өзгөн оюн "кыпындай көрбөгөн", өзүнүн айткандарын гана чындыктын үлгүсү деп эсептеп, өңгөнүн айткандегендерин жалгандыктын жарчысы катары баалаган, … ой-пикиринин кемтиги оркоюп турса да мойнуна албаган, өжөр, жок өжөр эмес, эгерде чындап эле чындыкты туу тутуп ага кажыбас эрк менен умтулса "өжөр" десек жарашмак… ал көк, көгөрүп айтканын бербей келет… кылдат байкасаң анын "ПИКИРИН"де билинип-билинбеген, көзгө илээшип-илинбеген керт башынын кызыкчылыгы бар… эл кыртышына сиңбей турган, бирок андан аста өзүнө упай ала турган жагдайлар бар…

… Мындайды МАНИПУЛЯТОР дейт… белгилүү Остап Бендер деген "ойдун гиганты" бар эмеспи. Манипулятор атайылап чындыкты бурмалап койгонго, манипуляцияга ишендирип койгонго маш келет.

… Башка учур, башка ыңгай, башка кырдаалга туура келип, чын боло турган ОЙду таптакыр ал ой коошпой турган шарт-кырдаалга акырын-аста, жигин билгизбей чаптап койот. Ошентип, манипуляцияланып, чын ой жалган ойго айланат. Ишенчээк момундар ишенип калат. Ишенип келишти. Манипуляторго, анын манипулятор экенин билбей. Ал манипулятор дагы эле манипуляция менен алек…

"Кыргыз тили" гезитине жарнама, кулактандыруу, куттуктоолоруңузду чыгарууну каалаcаңыз редакциянын номерлерине кайрылыңыз.

Байланыш номерлери: 0702 52 59 42, 0700 93 25 03

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12 (310)

13 12 2024

kyrgyztili@mail.ru

# ЭЛ БИЙЛИГИ ДЕГЕН ЭМНЕ?



**Байас ТУРАЛ**



*(Уландысы. Башы өткөн санда)*

***

Кыргыздардын салттуу башкаруу системасында бийликтин үч түрү болгон. Төртүнчү негизги бийлик катары Аскер бийлиги эсептелген. Ал кээде Экинчи бийлик катары, ал эми согуш учурунда Биринчи бийлик катары жогорку орунга чыккан. Кыргыздагы салттуу башкаруу системасындагы үч бийлик эмне деп аталган жана кандай функцияларды аткарган?

1. Эл бийлиги – бул бийликтин башында уруу бийлери, алардын башында Улуу Бий туруп, жалпы бийлик бутактарын түзүү жана алардын ишмердигин көзөмөлдөө укугу ушул бийликке таандык болгон. Тагырак айтканда, Эл өзү шайлаган өкүлдөр аркылуу Сот жана Аткаруу бийликтерин көзөмөлгө алган.

2. Сот бийлиги – Аксакалдар Кенешине таандык болуп, салт-нарк, жүрүм-турум эрежелерин ушул Билгилер тобу иштеп чыгышкан жана анын аткарылышын көзөмөлдөшкөн.

3. Хан бийлиги – аткаруу бийлиги катары өлкөнүн өнүгүп-өсүшүн жана коопсуздугун камсыз кылып, Өлкө башчысына таандык укуктарды алып жүргөн. Ал Эл өкүлдөрүнүн курултайында шайлангандыктан, Эл бийлигине жылда бир жолу отчет берип турган.

Жогоруда айтылгандай, Эл бийлигинин башында Бийлер турган. Ар бир урук жана уруу бийлерин эл өздөрү шайлашкан. Адегенде уруктардын бийлери, анан уруулардын бийлери, анан Үч Канаттын үч бийи шайланган. Анан Үч Канаттын урууларынын бийлери, атактуу адамдары, акылмандары жана баатырлары Улуу Куралга чогулуп, Улуу Бийди, Улуу Билгини (Аксакалдар Кенешинин Төрөсү) жана өлкө башчысы болгон Ханды шайлап, бекитишкен.

Улуу Бий өзү шайлангандан кийин Аксакалдар Кенешинин Төрөсү болгон Улуу Билгини жана өлкө башчысы болгон Ханды шайлоо боюнча түзүлгөн Уюштуруу Тобунун иштерине башчылык кылган жана анын адилет өтүшүнө көзөмөл жүргүзгөн. Ошентип салттуу башкаруу системасында Хандын, Улуу Билги менен Улуу Бийдин иштерин – уруу бийлери, уруу бийлеринин иштерин – урук бийлери, ал эми урук бийлеринин иштерин уруктун мүчөлөрү болгон Эл өзү көзөмөлдөгөн. Уруктун жана Уруунун бийлерин шайлоо – ал ар бир урук менен уруунун өзүнүн гана укуктарына кирген. Аларга үстүртөн же сырттан эч ким көрсөтмө бере алган эмес. Эл көпчүлүк добуш менен кимди шайлоо керек экенин өздөрү чечкен. Ага сунуш берүүгө же көрсөтмө берүүгө Хандын да укугу болгон эмес. Анткени, ага Элдин салты, Хан жолунун наркы жол берген эмес.

Хан өзүн шайлаган курултайдын делегаттарына, делегаттар өзүн шайлаган элге көз каранды болгон. Ушул системада гана өлкө башчысы Элге жана Мамлекетке кызмат кылат. Калган системаларда өлкө башчылары өздөрүнө, өздөрүнүн үй-бүлөлөрүнө жана туугандарына иштешет.

Биз бүгүнкү күнү отурукташкан элге айландык. Ошондуктан мезгилдин талабына ылайык жогорку шайлоо принцибин аймактык шайлоо формасына алып өтүү зарылдыгы келип чыкты. Ушул жерде айта кете турган бир сөз бар. Негизи, Түз башкаруу системасы “үч бийликтен” (аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийликтери) тургандай эле Тик башкаруу системасы да “үч баскычтан” турса туура болор эле деген сунуш көп жылдардан бери эле айтылып, күн тартибине коюлуп, бирок ар кандай себептер менен бул сунуш ишке ашпай келатат. Ал сунуш боюнча, Москванын көрсөтмөсү менен түзүлгөн Башкаруу системасын өзгөртүп, “райондор” менен “областарды” жоюп: “айыл – дубан – улус” (мен-Б. Т. ) деп аталган жана илгертен өрөөн-өрөөн болуп калыптанган аймактык башкаруу системасына өткөнүбүз мезгилдин талабы.

***

Эми сөзүмдүн акырында курултай терминин этимологиясы боюнча эки ооз сөз. Бул терминдин мааниси боюнча ар кандай пикирлер бар. Ал жазма булакка Монгол империясынын мезгилинде катталгандыктан, аны монгол сөзү деп айтып жана жазып жүргөндөр да жок эмес. Негизи кыргыздан башка түрк-монгол элдеринин тилдеринде курултай “уңгу- мүчөгө” ажырабайт жана ажыраган учурда да “элдик жыйынга” байланышкан маанилерди бербейт. Башка элдерде “курултай” бир гана маанини – “жалпы элдик жыйынды” билдирет. Кыргыз тилинде ал унгу-мүчөлөргө ажырайт жана ар бир унгусу “мамлекетти түзүү жыйынына” байланышкан маанилерди билдирет. Карап көрөлү:

1. Курултай = Кур+ул+тай. 1. Кур – “түз”, “тургуз”, “уюштур”, “чогулт”, “жыйна”, “бириктир”, “топто”; 2. “Кемер”, “кайыш белбоо” ж. б. ;

2. Курултай = Курул+тай. Курул - “түзүл”, “тур”, “уюш”, “чогул”, “жыйнал”, “бирик”, “топтол” ж. б. ;

3. Курултай = Курал+тай. Курал – 1. “түзүл”, “уюш”, “чогул”, “жыйнал”, “бирик”, “топтол”; 2. Курал-жарак ж. б.

Ал эми “курул” же “курал” сөздөрүнө мүчө катары уланган “тай” сөзү менин жеке пикиримде “той” деген эле сөздүн өзгөрүп айтылганы. Той – жаңы шайланган Хандын “төрт түлүк малдан тогуздап” (“Манас”) союп, элге чай бериши. Азыркы учурдагы анын аталышы – “Президенттик чай”.

Тай – “ыйык”, “улуу” деген маанини билдирген сөз болушу да мүмкүн? Мисалы кыргызда бул сөз “мазар тайуу” (“мазарга сыйынуу”) формасында колдонулат. Кытай тилинде да бул сөз “улуу” маанисин түшүндүрөт. Мисалы: Тайшань – “улуу тоо”, тайцзи – “улуу башат”, “улуу чек” ж. б. Эгер мүчө катары уланып айтылып жаткан “тай” сөзүн ушул мааниде кабыл алсак, анда курултай – “улуу курул” (“улуу жыйын”), “ыйык курул” (“ыйык жыйын”) деген маанилерди билдирет. Кыргыз тилинде бул сөз адам аттарын жасоочу компонент катары көп эле колдонулат. Алсак: Атай, Амантай, Атантай, Супатай ж. б.

Түбүндө, курултай (курал+-той) – “куралчан адамдардын жыйыны” деген маанини билдиргени шексиз. Анткени, курултайга аялдар, согушка жараксыз чалдар менен өспүрүм балдар катышкан эмес. Алгач, Курултай – негизинен “жоокерлердин” жана “кол башчылардын жыйыны” болгон. Демек, курултай алгач “курал+той” формасында айтылып, “куралчан адамдардын жыйыны”, “жоокерлердин жыйыны”, “кол башчылардын жыйыны”, “мамлекет башчыларынын жыйыны”, атайын шайланып жөнөтүлгөн “Эл өкүлдөрүнүн жыйыны” дегенди түшүндүргөн.

Түз маанисинде: Улуу курал – “көп курал”, “чогулган курал”, “топтолгон курал”, философиялык мааниси – адилет башкаруу принцибин камсыз кылуучу Улуттук Улуу Жыйын.

Кээ бирөөлөр “курултай” монгол тилинен алынган сөз, биздин эл аны “топ”, “жыйын” деп эле атаган, ошондуктан бул сөз К. Юдахиндин сөздүгүндө жок дешет. Анын менимче, эки себеби бар: биринчиси – ал цензура тарабынан атайын алынып салынган, ошондон улам: “улуу державаны түзгөн энесайлык кыргыздар башка эл, ал эми кече XX кылымдын башына чейин мамлекети жок жашаган тяньшандык киргиздер башка эл. Аларга тарыхта биринчи жолу мамлекетти биз-орустар түзүп бердик” деген идеология жүргүзүлгөн; экинчиси, курултай – уруулук жыйындын эмес, мамлекеттик деңгээлдеги жыйындын аталышы. Кыргыздар, Монгол жапырыгынан кийин өз алдынча мамлекет түзүү укугун жоготуп, курултай чакырып, мамлекеттик деңгээлдеги жыйын өткөрө албай калышкан. Уруулар гана өз бийлерин шайлашкан, бирок урүу бийлерин шайлаган Жыйын “курултай” деп айтылган эмес. Курултай дагы бир жолу айтам: Мамлекеттик деңгээлдеги Элдик Жыйындын аталышы болгон. Ошондуктан, Монгол каганаты мезгилинде курултайды Чыңгыз хандын тукумдары, анын ичинен да “улуу каган” наамын алып жүргөн хан гана чакыра алган.

Бүгүнкү күнү, түбүндө көчмөн коомго тиешелүү болгон курултай институтун Кытай мамлекети өзүнүн Башкаруу органдарынын башына коюп, колдонуп атышы жана өзүнүн башкаруу системасына жараша “Кытай Эл Республикасы” деп аталып турушу – анын таң калардыктай тездик менен өнүгүп атышынын башка себеби деп түшүнөм. Анткени, Башкаруу системасы ачык болмоюнча адилеттүү болбойт. Башкаруу системасы адилеттүү болбосо – өлкөдө тынчтык болбойт. Өлкөдө тынчтык болбосо – Өлкө өнүкпөйт. Өлкө өнүкпөсө – эл жыргап, бактылуу жашай албайт. Эл бактылуу жашай албаса, нааразылычылдык күчөйт. Нааразылычылык күчөсө – Эл аргасыз төңкөрүшкө чыгат. Төңкөрүш – башкаруу системасын өзгөртүүгө же өлкөнү жок кылууга алып келе турган коркунучтуу түзүлүш. Бул адамдардын каны төгүлгөнгө чейинки жолду баса турган өтө опурталдуу кыймыл. Андыктан аны адатка айландырып алуудан сактануу керек. Андан кутулуу үчүн Элдик Бийликти орнотуп, ата-бабаларыбыз калтырып кеткен үлгү менен толук кандуу Курултай институтун түзүү зарыл.




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12 (310)

13 12 2024

kyrgyztili@mail.ru

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ТӨРАГАЛАРЫ



**18** — 2024-жылдан баштап
Каныбек **ИМАНАЛИЕВ**
жазуучу



**17** — 2019-2024
Нурланбек **КАЛЫБЕКОВ**
КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер



**16** — 2014-2019
Акбар **РЫСКУЛОВ**
КРнын эл акыны



**15** — 2011-2019
Чолпонбек **АБЫКЕЕВ**
КРнын эл жазуучусу



**14** — 2009-2011
Абдрахман **АЛЫМБАЕВ**
КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер



**13** — 2007-2009
Омор **СУЛТАНОВ**
КРнын эл акыны



**12** — 2006-2007
Анатай **ӨМҮРКАНОВ**
КРнын эл акыны



**11** — 2004-2006
Жалил **САДЫКОВ**
КРнын эл акыны



**10** — 1996-2004
Надырбек **АЛЫМБЕКОВ**
КРнын эл акыны



**9** — 1995-1996
Жунай **МАВЛЯНОВ**
Кыргыз эл жазуучусу



**8** — 1991-1995
Асан **ЖАКШЫЛЫКОВ**
КРнын эл жазуучусу



**7** — 1986-1991
Чыңгыз **АЙТМАТОВ**
КРнын эл жазуучусу



**6** — 1971-1986
Теңдик **АСКАРОВ**
КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер



**5** — 1959-1971
Токтоболот **АБДЫМОМУНОВ**
КРнын эл жазуучусу



**4** — 1953-1959
Азиз **САЛИЕВ**
КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер



**3** — 1944-1946, 1949-1953
Касымаалы **БАЯЛИНОВ**
жазуучу



**2** — 1937-1940
Темиркул **ҮМӨТАЛИЕВ**
Кыргыз ССРинин эл акыны



**1** — 1934-1937, 1940-1944, 1946-1949
Аалы **ТОКОМБАЕВ**
Кыргыз ССРинин эл акыны

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№12 (310)
13 12 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Адабият – искусствонун бардык түрүнө негиз



**Түмөнбай КОЛДОШОВ, Б. Бейшеналиева атындагы КММИУнун ректору**

Быйылкы окуу жылында биздин университеттин структурасына Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин сунушу менен Республиканын тарыхында биринчи жолу ачылып жаткан Жогорку адабий курс кошулду. Өзүбүздүн окуу имаратыбыз талапка жооп бербеген абалда экендигине карабай, биз аталган курсту кабыл алдык. Анткени көркөм сөз өнөрү искусствонун башка түрлөрү боюнча биз дайрдап жаткан адистиктер «бир кемеде» болуу менен бирге, алардын негизин да түзөт эмеспи. Текст жакшы болсо анын негизинде театр, кино, музыка, балет, режиссура өнүгөт. Буга залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары далил. Ч. Айтматовдун чыгармалары театрда режиссерлордун чыгармачылыгын даңкын чыгарып, актерлордун талантын өстүрдү; кинодо «кыргыз керемети» жаратты. Кыргыз искусствосун эл аралык, дүйнөлүк масштабга алып чыкты. Демек, калемгерлерге болгон камкордук сөздүн кенен маанисинде алганда – бүтүндөй искусствонун өнүгүшүнүн өбөлгөсү. Ал эми искусссвонун өнүгүшү мамлекетибиздин өнүгүшүнө кубат берет. Бул – биздин улуттук менталитетибиз. Биз – руханий табылгалар менен гана дүйнөгө атыбыз чыккан элбиз.

Улуттук адабияттын бүткүл өлкөнүн өнүгүшүнө кошуучу мүмкүнчүлүгүн эске алганда акын-жазуучулардын билимдүү болушу өтө маанилүү маселе. Ошондуктан жаңы түзүлгөн Жогорку адабий курска колдоо керек. Аталган курс биздин эле эмес, маданият министрлигининин да көзөмөлүндө турат. Министр Алтынбек Максутовдун түздөн-түз кийлигишүүсү менен К. Баялинов атындагы китепканадан аудитория бөлүндү. Мындан ары да бул структуранын материалдык-техникалык базасын чыңдоо, алардын билим берүү базасын ар тараптан өнүктүрүү, окуу процессин татыктуу кадрлар менен камсыз кылуу, курста окуп жаткан угуучулардын чыгармачылыгынын өнүгүшүнө дем берүүчү иш чараларды системалуу өткөрүү күн тартибинде турган милдеттерден. Биз бул багытта Жазуучулар бирлиги, чыгармачыл ийримдер жана элибиздин руханий дүйнөсү болгон улуттук адабиятка кайдыгер карабаган мекенчил атуулдар, жалпы коомчулук менен бирге иштешебиз деп ойлойм.

**КУЛТАЕВА Үмүт Баймуратовна – филология илимдеринин доктору, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.**

Буга чейин баарыбызга белгилүү, биздин калемгерлер СССР курамында турганыбызда Москвага барып, М. Горький атындагы Жогорку адабий курска Жазуучулар союзу тарабынан жиберилип, кезеги менен барып билим алып турушкан. Ошол курсту бүтөрдө дипломдук иш катары коргогон Чыңгыз Айтматовдун "Жамийла" повести биздин улуттук адабиятты гана эмес, эл аралык масштабда калемгерлерди «селт» эттире чочутканы белгилүү. Чыгарманын жаңычылдыгы ушунчалык кубаттуу болгондуктан, француздук Луи Арагон, казактын улуу жазуучусу М. Ауэзов үн катпаса, бул чыгарманын тагдыры кандай болот эле, ким билет?

Аталган жогорку курстан өткөн биздин калемгерлердин узун тизмеси: Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, Аман Саспаев, Омор Султанов, Рамис Рыскулов, Жолон Мамытов, Сагын Акматбекова, Алтынай Темирова адабият таануучулардан Кадыркул Даутов, Сулайман Кайыповдун ж. б. адабияттагы ордун карай турган болсок, кимиси көптүн арасында, көчтүн карасында калды?! Эч кимиси... Баары – жаркын, таланттуу, изденгич, жаңычыл, терең жана курч. Демек, колуна калем алган адам канчалык тубаса таланттын ээси болбосун, анын тапталышы билимге муктаж экенин жогоруда биз атын атаган Жогорку адабий курстун бүтүрүүчүлөрүнүн чыгармачылыгы далил болуп турат. Азыр үзүрлүү эмгектенип жаткан К. Култегин, Н. Гургубаева, Н. Өмүрбаева да ошол курстан билим алышкан.

Азыр коом өзгөрдү, биз эгемендүү мамлекет болдук. **Биринчиден,** Москва мурункудай биздин жазуучуларды бекер окутпайт. Албетте, каалоочулар барып окуса болот, бирок контракт акысы жылына 150 миң рубль, эгерде эки жыл болсо 300 миң, анан ал жердеги жашаганы ж.б. кыскасы жок дегенде миллион сом чөнтөгүндө болсо, барып окуй алат.

**Экинчиден,** СССР бүт калемгерлерди бир идеологияга баш коштурчу. Азыр дүйнөлөшүү процесси араанын ачып турганда, улуттук идентүүлүк үчүн күрөшүүчү руханий «жоокерлер» – акын-жазуучулар. Демек, биз жаңы түзүлгөн Жогорку адабий курстагы билим берүүнүн багытын улуттук адабияттын өзүнүн жүзүн ачууга бурууну максат кылдык.

**Үчүнчүдөн,** азыркы кезде колуна калем алган жаштардын арасында билимге болгон муктаждык пайда болду. Анткени алар базар экономикасына өткөн өткөөл мезгилде окушту. Окуу жайлар көбөйүп кетти, ар кандай деңгээлдеги окутуучулар сабак берген учурлар болбодубу. Анын үстүнө жогорку окуу жайынан башка адистиктерди бүтүргөндөр адабияттын тарыхы, теориясы боюнча билим алышкан эмес. Соңку убакта биздин калемгерлер сан жагынан рекорд койду, бирок алардан сапаттуу көрсөткүч жакшы көрүнбөй жатат.

Төртүнчүдөн, быйыл биздин жазма адабияттыбыздын 100 жылдыгы, тактап айтканда, 1924-жылы "Эркин-Тоонун" жарыкка чыгышы менен жазма адабиятыбыздын тарыхы башталат эмеспи. Мына ушунун баардыгын негиздеп, адегенде демилгелүү топ түзүп, алардын атынан кайрылуу жазып Президентке жибергем. Учурдан пайдаланып биздин Президентибиз Садыр Нуркожоевичке терең ыраазычылык билдирүүгө милдеттүүмүн, анткени эки күндүн ичинде биз жазган кайрылууга реакция жасап, Президенттик аппаратка тапшырма бериптир. Жогорку адабий курс М. Горький атындагы аты уйкаш курстун модели менен түзүлгөндүктөн, Маданият министрлигине чакырылдым, андан кийин Билим берүү министрлиги дагы өзүнүн реакциясын жасап, бардыгыбыз чогулуп, бул маселени талкууладык. Жыйынтыгында, бул курсту Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство жана маданият университетинин курамында ачуу боюнча чечим кабыл алынган. Университеттин ректору Т. Р. Колдошев өзөрүнө аудитория жетишпей жаткандыгына карабай, бул курстун коомдук, идеологиялык маанисин туура түшүнүп, колдоп бергендиги бул жетекчинин профессионалдуулугуна кепил болот деген ойдобуз.



Жогорку адабий курсунда билим алган калемгерлер тобу жана Үмүт Култаева

Курстун ишке киришкенине 2 айдан ашты. Азырынча жыйынтыктар байкала элек, андай болушу мүмкүн да эмес. Ошентсе да, курска кирип, окуп жаткан калемгерлердин лекцияларга болгон мамилеси, кызыгуусу, өз чыгармачылыгына сын көз менен карай баштаганы жагымдуу көрүнүш. Баары иштегендиктен, сабактар түштөн кийин саат төрттө башталат. Сабакка ашыгып, шашып, дилгирлик менен келишет. Лекция убагында жайнаган көздөрүнөн билимге суктануу байкалат. Сабак бүткөн соң кетүүгө эч ким шашпай, өз ара сабакты талкуулашып турганы бизди кубандырат. Бул биздин баштаган ишибиздин негизги максаты – калемгерлерди билимге сугаруунун ишке аша баштаганынан кабар берет.

Адабияттын тарыхы, дүйнөлүк практика далилдеп тургандай, калемгер канчалык билимдүү болсо, ошончолук мыкты чыгармалар жаралууга тийиш. Жакшы чыгарма – өлкөнүн өнүгүшүнө кубат берүүчү зор рычаг. Анткени ал сөзсүз түрдө массалык маданиятка, окурмандардын окурмандык деңгээлине, эстетикалык, көркөм табитине таасир этет. Тар түшүнүк менен жазылган чыгармалар окурмандарды деле өзүнө тарта албайт. Демек, курс билим берүү менен бирге калемгердин чыгармачылыгынын өсүшүнө таасир этүүгө тийиш. Ушул максатта жуманын бир күнү чыгармачылык күн эсептелет. Башкача айтканда, калемгерлердин өздөрүнүн жазгандары талкууга коюлат. Төрт семестрге ылайыкталып түзүлгөн окуу планы, мамлекеттик кошумча билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык иштелип чыкты.

Эки жылдан кийин калемгерлер өзүлөрүнүн бир чыгармасын дипломдук иш катары коргоого сунуш кылып, аны жактап курсту жыйынтыкташат. Бүткөндө бүтүрүүчүгө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

Курста бир-экиден, алды үчтөн-төрттөн китептери чыккан калемгер окуп жатат. Жаш курагы чектелген эмес. Азыр 30 жаштан 65 жашка чейинки 15 калемгер өз каалоосу менен тапшырып, азыркы тапта билим алууда. Курска кабыл алууда эки негизги документ милдеттүү түрдө талап кылынат. Биринчи – жогорку билим алгандыгы тууралуу диплом, экинчиси – чыгармасы басмадан чыгып, калемгерлик тажрыйбасы болууга тийиш.

Окуп жаткандардын арасында башы көрүнүп калган калемгерлер бар. Афина Бакирова, Дүйшөмамбет Орозалиев, Максуда Оморова деген калемгерлерди адабий коомчулук жакшы билет. Дээрлик көпчүлүгү Жазуучулар союзунун мүчөсү, жакшы калемгер болсом деген максатта курска келип жатышат.

1-семестрди аяктоо алдында турабыз. Бир дагы сабакты үзгүлтүккө учураткан жокпуз, окуу планынын негизинде иш алып барыудабыз. Эгерде бир мугалим ооруп калса, кийинкиси анын ордун толуктап, башка сабактар өтүлүүдө. Сабактарды тажрыйбалуу жана адискөй окутуучулар: белгилүү фольклорист, эл аралык масштабдагы лектор, профессор С. Т. Кайыпов, филология илимдеринин кандидаты, өзү да калемгер Г. Сталиева, белгилүү адабият таануучу Р. Эшматов, КРнын эл акыны А. Рыскулов, филология илимдеринин кандидаты Р. Таштемировалар алып барууда. Профессорлук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчү – 90%.

Бизде баары ойдогудай деп айтуудан алыспыз. Жаңы башталган иш катары көйгөйлөр да жетиштүү.

1. Биздин азырынча өзүбүздүн имаратыбыз жок, өздөрүнө аудитория жетпеген Бүбүсара Бейшеналиева атындагы искусство жана маданият университетинин курамындабыз. Маданият министри Алтынбек Аскаровичтин түздөн-түз жардамы менен Касымалы Баялинов атындагы китепканадан аудитория алып, сабактарыбыз ошол жайда өтүүдө. Министрге курсту колдоп жаткандыгы үчүн терең ыраазычылык билдирем.

2. Интернет менен камсыз боло электир.

3. Материалдык - техникалык база али түзүлө элек.

4. Окуу-методикалык комплекс жаңыдан иштелип жатат, анткени мындай курс Кыргызстанда биринчи жолу ачылып жаткандыктан, бул багытта тажрыйба азырынча жок.

Мындай көйгөйлөр жакынкы мезгилде чечилет деген ойдобуз. Негизинен курстун келечеги кенен экендигине жана анын коомдогу орду маанилүү экендигине толук ишеним бар.



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12 (310)

13 12 2024

kyrgyztili@mail.ru

# «Сарыкунандын» (Сагынбек) сабактары



Б. Баймырзаев, Ж. Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын доценти

*(Уландысы. Башы өткөн санда)*

Сарыкунандын дастанчылык өнөрүндөгү дагы бир баса белгилеп кетүүчү өзгөчөлүктөрдүн бири катары буларга токтолууга болот. Ал албетте, жогоруда учкай айтылып өткөндөй, өзүнө чейинки айтуучулардын вариантына өз алдынча мамиле жасай билгендиги. Буга мисалды дагы эле ушул "Курманбек" эпосунан келтирсек болорун адабиятчы, маркум А. Обозканов мына булардан көрөт: "... Калыкта кара сөз менен айтылган жерлерди Сарыкунан ыр менен келтире баяндап кеткен. Калыктын айтуусундагы эпостун башталышындагы Курманбектин калмактарды каратып алышы, Аккан менен дос болушу, Бакбур кандын кызы Канышайга үйлөнүшү өңдүү окуялар жок экендигине карабай Сарыкунандын "Курманбегинин" көлөмү Калыктыкына тете келет. Тейитбектин жаш токолу жөнүндөгү баян, калмактар Курманбектин башын кесип алардагы табияттын кар борошолоп, көз ачырбаган алааматы, Курманбек жараланып жаткандагы Аккандын досун кыйла машакат менен аман алып калуусу өңдүү окуялар Калыкта жок. Ошентип, Сарыкунандын "Курманбеги" анын устаты Калыктан кем түшпөгөн алп айтуучулугун далилдеген бул эпостун эң күчтүү варианттарынын бири"(Жогоруда көрсөтүлгөн эмгекте. 610-бет). Анын чыгарманын өзөк окуяларына терең сүңгүп кирип, аларды өзүнүн жеке турмушу, керт башынан өтүп жаткан жеке тагдыры менен үндөштүрүп, жуурулуштуруп бериши кадимки "Ак Мөөр" дастанын аткаруусунан да ачык сезилерин адабиятчы-фольклорист С. Закиров да белгилеп көрсөткөн жайы бар: "Менин байкашыма караганда, "Ак Мөөрдү" айтканда кандайдыр толкундап, өз башынан өткөн окуядай мамиле кылгандай болду. Ал түгүл, Мөөрдү Жантай алып кетип жатканда Болотту кучактап алып минтип ырдаптыр деп үнү каргылданып, көзүнөн жаш тегеренип ыйлап турду:

*– А , Мөкөм, акак бир талдуу, ай жүздүү*
*Айда бир көрсөм жылдыздуу.*
*Ай чырайлуу жамалды*
*Арзысам сендей табамбы?*
*Азабыңа мен калып,*
*Сени, аксакал Жантай чал алды.*
*Күмүш тилдүү, күн жүздүү*
*Күндө көрсөм жылдыздуу.*
*Күн чырайлуу жамалды*
*Күйгүзүп Жантай чал алды.*
*Күйүтүңө мен калдым*
*Күйсөм, оо , сендей табамбы?*

Болоттун Мөөр менен коштошкон жери ушунчалык аянычтуу болду, биз алардын окуясына аралашып, өз көзүбүз менен көрүп тургандай абалга жеттик"(С. Закировдун жогоруда аталган макаласынан. 395-бет). Ырас, кыргыз акын-ырчылары Болот, Мөөркан, Жантай окуясын ар кандай абалда, өзгөчө өткөн заман талабына, көз караш түшүнүгүнө ылайыктап ырдап келишти. Айтылуу "Ак Мөөр" дастанын ырчы Сарыкунан да ошол саясий көз караштын нугунан чыкпай аткарганы көрүнүп турат. Ал эми булар жөнүндөгү азыркы адабий-тарыхый чындык такыр башкача экенин калың кыргыз калкына айта кеткенибиз жөндүү болмокчу. Демек, Сарыкунан баш жакта айтылып өткөн элдик эпикалык чыгармаларды аткарууда аларга өтө жакындан мамиле жасап, өзүнүн өткөн өмүр, баскан жолу менен түздөн-түз байланыштырып сүрөттөгөн жерлери арбын экенин жогорку мисалдардан улам билсек болот. "Биз андан "Курманбек" эпосун, "Жаныш-Байышты" жазып алдык. Кийин аны Фрунзеге чакырып "Курманбек" эпосун бүт бойдон пластинкага түшүрдүк. Бирок таш боор ажал пластинкадагы өзүнүн үнүн өзүнө угузбай алып кетти. Калыктын жандай көргөн шакирти Фрунзе шаарында кокусунан каза болду"(С. Закировдун аталган макаласынан. 399-бет) - деген фольклорист С. Закировдун берген маалыматтарынан улам азыр бизге төмөнкүдөй айрым ойлор келет. Сагынбек (Сарыкунан) Дыйканбаев жогоруда айтылып өткөндөй таасын ырчы, такшалган дастанчы экендиги ар тараптуу далилденип айтылып келди. Бирок, биз кыргыз эли, илим чөйрөсү анын ошондой артыкчылык жактарын, өзүнө гана таандык дастанчы-айтуучулук өзгөчөлүктөрүн кеңири, өз деңгээлинде эртерээк айтбай, табышмактуу өлүмү жөнүндө такыр эле сөз болбоду. Фольклористтер С. Закиров менен Т. Абдыракуновдор тарабынан анын өз оозунан жазылып алынган "Курманбек", "Жаныш, Байыш", "Ак Мөөр", "Карагул ботом" өңдүү элдик эпикалык чыгармалар бир убактарда Сагынбек (Сарыкунан) Дыйканбаев тарабынан да өз алдынча,эч кимге окшобогон сапаттык деңгээлде айтылып келгендигин, эң жөнөкөй нерсе – азыр кыргыз радиосунун архивинде (фонддо) сакталып турган "Курманбек" баш болгон эпос, дастандар анын өзүнүн үнү менен калың элге уктурулбай, кийинки муунга тааныштырылбай келатканы өкүндүрөт. Кыргыз эли кадимки кара жаак ырчы Калыктын көрүнүктүү шакирттеринин бири болгон Сагынбек (Сарыкунан) Дыйканбаевди таанымак турсун анын атын унутуп койгону да ачуу чындык. Грампластинкага жазылган "Курманбек" эпосу элге уктурулуп турса, анын акындык жана дастанчылык өздүк үнү, адамдык өңү-түсү эл эсинде ар убак сакталмак. Тилекке каршы , андай болбостон Сарыкунан ырчы өткөн совет доорунда кандай унутулуп келсе, соңку Эгемендикке ээ болуп, башкалар менен тең болгон биздин ушул күндөрдө да Сарыкунан үнү буулуп, кара сандыкта катылып жатканы таң калтырат. Мунун дагы бир себеби катары соңку убактагы "жылдыздардын" жайнап чыгышы, Сарыкунандай жаркын таланттын өздүк үнү, чыгармачыл энергиясы алардын шайын кетирип, жасалма дараметин чар учкандай шамалга сапырып салышы айдан ачык эле. Ошондон улам эл алдында өздөрүн дастанчы атап, айрымдары бир өңчөй кайталама, тажаткан чаңкылдаган үнү менен "Курманбек", "Ак Мөөр", "Жаныш, Байыш", "Кедейкан" өңдүү эпос-дастандарды айтымыш болуп жүргөн эркек, аялдарга Сарыкунандын үнү кайдан жаксын? Эң негизгиси, алардын баарында Калык менен Сарыкунанга таандык обон-кайрыктар, айтуучулук ыкмалар аларды алга сүрөп, чыгармачылык энергия



Ортодо Сарыкунан

берип келгенин алар өздөрү айтпай, жаап-жашырып келген менен калың калайык калк көрүп-билип турушат. Анан калса, мындайлардын колдоочулары да күчтүү болот эмеспи... Булар Сарыкунан сыяктуу төрт аягы төп келген күлүктөрдүн бутун тушап, чамасы жетсе эле чалып жыгууга даяр болуп келгени эч кимге жашыруун эмес. Буга мисал анын кокусунан болгон табышмактуу өлүмүн айтсак болот. Кыргыз элинин сөөк өчтүү душмандары Курманбек сыяктуу эл баатырларына ошол өткөн кылымдарда кандай кастарын тигип, көздөрүн тазалап келген болсо, соңку биздин замандарда дагы ал баатырлардын эрдигин айтып, артыкчылык сапаттарын соңку биздин муунга мисал катары көрсөтүп , элдин байыркы баатырдык духун, сезим-туюмун азыркылардын жан дүйнөсүнө жеткире айтып келген ырчы-дастанчы, манасчылар, жалпы эле ушул багыттагы кыргыз өнөр адамдарынын өмүр тагдырынын кайгылуу аяктап келиши көп нерселерден кабар берет, кооптонтот. Мындай көрүнүш соңку совет доорунда көп болуп, өзгөчө "Манас" баш болгон элдик чыгармаларга астейдил аракет жасаган кыргыз өнөр адамдарынын тагдыры кокусунан кайгылуу аяктай бергенин эми эстеп олтурабыз. Мындай табышмактуу өлүмдөрдүн бизде байма-бай орун алып турушу чын эле табигый кырсык же кокустукбу же өнөр адамдарынын өз ичинде өкүм сүрө келген көралбастыгыбы? Жакшылап көңүл бурсак, таланттуу кыргыз адамдарынын боло келген мындай азалуу окуялары атайын топ тарабынан алдын ала пландалган , антташкан адам өлтүрүүдөй таасир калтырат. Демек, кыргыздын эпостук баатырларына болгон кандуу каршылык мындан беш-алты кылым мурда кандай күчкө ээ болгон болсо, алардын бейнесин жаратып, азыр эл ичинде ошол баатырдык эрдиктерге зор шыктануу менен карап, ошол элдик салттарды алып жүрүүчүлөргө болгон душмандык мамиле биздин жерибизде дагы эле уланып жаткан жокбу деген суроо жаралбай койбойт. Бул дагы биз үчүн терең ойлонуучу чоң тарыхый ибарат десек болот. "Андан бери чейрек кылымдай убакыт өттү. Мен андан уккан кайгылуу тарыхты унута албай койдум. Качан Сарыкунан жөнүндө сөз болгондо: "экинчи ырдабайм деп каргыш берип койдум эле",-деген сөзү эсиме түшөт"(Фольклорист С. Закировдун аталган макаласынан. 399-бет) . Демек, ырчылык жана дастанчылыкка өтө катуу берилгендик, бардык нерсени (өз баласын дагы) унутканга дейре жеткен өнөр азгырыгы аны ошондой оор сыноолорго кириптер кылган. Булар Сагынбек (Сарыкунан) үчүн оор жоготуу, чоң сабак болгон.

Сагынбек (Сарыкунан) Дыйканбаевди да учурунда өздөрүнө устат туткан өнөрпоздор жашап өтүштү. Алардын айрымдары атай кетсек; А. Бердибаев, Т. Тыныбеков, А. Айталиев, Т. Абдиев, О. Кутманалиев ж. б. болушкан. Бул жаркын таланттын урпактары бүгүнкү күндө Кетмен-Төбө өрөөнүнүн Көтөрмө айылында күн кечиришүүдө. Айтылуу акын жана дастанчы Сагынбек (Сарыкунан) Дыйканбаевдин атын түбөлүккө калтыруу жагын көздөшүп жердештери ошол Көтөрмө айылындагы маданият үйүнө ырчы Сагынбек Дыйканбаевдин ысымын ыйгарышкан. Дастанчылардын республикалык кароо-сынагы өткөн учурда Сарыкунан атындагы байге белгиленип, анын жеңүүчүсү катары ал кездеги жаш дастанчы Р. Амановanын аты аталып, кийин жогоруда аталган маданий жайдын оңдоп-түзөө иштерине демөөрчүлүк салым катары ал 100 000 (жүз миң) сом акчалай жардам көрсөткөн. Көзүн көрбөсө да анын өнөрүнөн өзүнө көп таасир алып, дастан айтуунун чоң устаты деп таанылып, тоо булбулу Токтогулдун сынына толгон Сагынбек (Сарыкунан) Дыйканбаевди өзүнүн кыйыр түрдөгү устаты катары туткандардын арасында азыр көптөгөн жаштардын бар экендиги кубантат. Ошол жаш таланттарга сүрөөн болоор деген изги тилек менен кыргыз ырчылар чыгармачылыгында аты көп аталбай, акындык жана айтуучулук өнөр өзгөчөлүгү өзүнчө илимий изилдөө ишинин объектисине алынбай, адамдык жана акындык тагдыры , калтырган рухий мурасы көмүскөдө келаткан Сагынбек (Сарыкунан) Дыйканбаевдин жогоркудай чыгармачылык сабактары калың кыргыз элинде, азыркы акындык өнөрдү аркалап жүрүшкөн жаштар арасында ар убак эске алынаар деген ой менен айрым ой-пикирлер ортого салынды.

## *Сарыкунан*

**(Акын жана дастанчы Сарыкунан Дыйканбаев жөнүндө)**

*"Сарыкунан" – Калык койгон чынында*
*Сайрашы да, далбасы да сынында.*
*Сагынбектин салтанаты башкача*
*Самагандар сулк жыгылган тынымга.*

*Сарыкунан- чапчаң буудан тукуму,*
*Чабылса эгер чарчабаган утуру.*
*Чоң жыйында байге бербей чуркаган*
*Кара жаак Калык таптап ушуну.*

*Сарыкунан – бата алган Токодон*
*(Тоо булбулу үмүт кылган ошодон)*
*Ырчылыктын ыйык шертин карманып,*
*Ыйлап-сыктап ал ансайын бошогон.*

*Бошогону- баласынан айрылган,*
*Алган жары кара жерди жай кылган.*
*Аз мезгилде арбын мээнет аркалап,*
*Сарыкунан санаа тартып кайгырган.*

*Сарыкунан салган жүрүш башкача*
*Сай күлүктүн бири ошол мактаса.*
*Тулпар чыкмак турмуш кысып басынтып*
*Тагдыр жектеп улам сыртын салбаса.*

*Дастанчылык – анын үлкөн өнөрү*
*Дагы канча дабан ашмак чындаса.*
*Дайра сымал агылганда жөнөдү*
*Дайым жолтоо боло келген каргаша...*

*Сарыкунан – салкын тарткан абадай*
*Соолуктаган сооротулган баладай.*
*Санаркаган сагынычты сыйдырып*
*Сыр аяктай мелт-калт толуп карады ай...*

**Б. Баймырзаев**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№12 (310)
13 12 2024
kyrgyztili@mail.ru

# 30-ЖЫЛДАРДАГЫ ПОЭТИКАЛЫК КОТОРМОЛОР



**Салижан ЖИГИТОВ**

***(Уландысы. Башы өткөн санда)***

А. С. Пушкиндин «Сказка о золотом петушке» дегени 1940-жылы У. Абдукаимовдун котормосунда «Алтын короз жөнүндө жомок» деген ат менен жарык көргөн. Оригинал аабб тибиндеги уйкаштар менен, 6-7 муундуу ыр саптары менен жазылган, ал эми котормо ар кыл формадагы уйкаштар, 6-7 муундан турган ыр сапары менен иштелген.

Котормо жалпы жонунан оригиналда баян этилген окуя тизмегин туура бере алган. Анын текстинде негизинен кыргызча өрнөктүү ырдык речтин талаптарына жооп берген строфалар, жарк эткен дурус саптар жок эмес. Бирок таржыманын ырдык фактурасын ойдогудай деп айтыш кыйын. Биринчиден, анын уйкаштары кадыресе шыдырлыгы менен, өз ордуна ылайыктуу кадалып турганы менен, жаңыча же күтүүсүз жаңырык чыгарганы менен айырмаланбайт. Экинчиден котормонун жалпы стилдик түзүлүшү жасалма түс алып, кыргызча тубаса, табигый угулбай калган. Мисал келтирели:

Оригиналда:
*Негде, в тридевятом царстве,*
*В тридесятом государстве,*
*Жил-был славный царь Дадон.*
*С молоду был грозен он*
*И соседям то и дело*
*Наносил обиды смело;*
*Но под старость захотел*
*Отдохнуть от ратных дел*
*И покой себе устроить.*
*Тут соседи беспокоить*
*Стали старого царя,*
*Страшный вред ему творя.*
*Чтоб концы своих владений*
*Охранять от нападений,*
*Должен был он содержать*
*Многочисленную рать.* [ Пушкин А. С. Собр. соч. т. 3. – 340-б. ]

Көрүнүп турбайбы, улуу орус акыны жөнөкөй эле сөздөр менен, анча татаалдыгы жок ырдык каражаттар менен сюжеттин экспозициясын сарамжалдуу берип койгон. Тексттин структурасында артыкбаш информация же сөз айкалыштары жок. Мунун кыргызчасы төмөнкүдөй чыккан:

*Байыркыда бир жерде,*
*Асманы бөлөк башка элде,*
*Атагы алыс жер кеткен,*
*Дадон деген шаа өткөн.*

*Каардуу чыгып жашынан,*
*Кайрат-күчү ташыган.*
*Көрүнөө кордук көп кылып,*
*Чаппаган эл койбоптур.*
*Күч кеткен соң каржалып,*
*Жоолашты коюп тынч алып,*
*Жай жатууну ойлоптур.*

*Бирок чыгып туш-туштан*
*Илгертен өчү калышкан*
*Жоолору тынчын алыптыр,*
*Мүлкүнө кол салыптыр.*
*Чегине коюп күзөтчү*
*Колду сансыз көбөйттү.*

Сыртынан караганда бул саптарда кынтык жоктой көрүнөт. Бирок алардан оригиналда айдан ачык туюнтулган маалыматтар котормодо бүдөмүк тартып калган. Көп саптар ырдык касиеттен ажырап, уйкаштары элдирселдир тариз алып, көркөм табити өткүр окурмандын көңүлүн иренжитер абалга жеткен.

«Алтын короз жөнүндө жомок», албетте, нукура акындык эргүү менен тыкан кыргызчаланган эмес. Котормочу калемине биринчи урунган сөздөр, сөз айкалыштары, сүйлөмдөр, уйкаштар менен соктуруп кете берген. Тексттин стилин жылмалап, сөздөрүн орду менен жаңырык чыгарып тургандай куюлуштуруп, уйкаштарын ылайыгына жана үндөштүгүнө жараша тандаганга, мазмундук элементтердин түшүнүктүү да, уккулуктуу да айтылышын камсыз кылганга таржымачынын кудурети жетип турса да, мойну жар бербей койгон шекилди. Анын үстүнө а кезде ыр жаатындагы котормолор маани жагынан да, көркөмдүк сапат жагынан да аябай аксап турган себептүү У. Абдукаимовдун калеминен чыккан ар кандай таржыма редакторлор тарабынан да, окурмандар тарабынан да мыкты чыгармалар катары кабыл алынган, мунун өзү автордун өзүнө өзү катуу талап коё билишине жолтоо кылган.

А. С. Пушкиндин «Сказка о царе Салтане, о сыне его славном и могучем богатыре князе Гвидоне Салтановиче и о прекрасной царевне Лебеди» дегени жаш акын К. Эсенкожоев тарабынан «Падыша Салтан, анын даңктуу жана кайраттуу баатыр уулу Гвидон Салтанович жана сонун каныша Аккуу тууралуу жомок» деген ат менен кыргызчаланып, 1940-жылы басмадан жарык көргөн.

Бу котормо жалпы жонунан өтө жармач. Мунун биринчи себеби: котормочу оригиналдын көп жериндеги маани-маңызын анча андап биле албай, болжолдуу гана түшүнүп, ошонун айынан көп жаңылыштыктар жиберген. Экинчиден, котормочу түп нускада айтылгандардын баарын төкпөй-чачпай бериш үчүн аракетенип, буквализмге кирип кеткен. Үчүнчүдөн, котормонун ырдык фактурасын ойдогудай даражага көтөрүш үчүн автордун таланты да, тажрыйбасы да жетпей калган. Ошол себептен жомоктун кыргызчасынын келегей тилдүү тилдик-ырдык структурасынын арасынан оригиналдын сюжеттик сызыгы араң-араң байкалат. Котормодо эмнелер жөнүндө сөз болуп жатканын жөнөкөй окурман, айрыкча мектеп балдары боолголоп араң аңдашы мүмкүн.

К. Эсенкожоевдин бу сапар кандай котормочулук кылганын төмөнкү мисалдардан байкаса болот.

Оригиналда:
*«Кабы я была царица, -*
*Говорит ее сестрица, -*
*То на весь бы мир одна*
*Наткала я полотна».* [ Пушкин А. С. Собр. соч. – т. 3. – 295-б. ]

Котормодо:
*Анан сүйлөйт сиңдиси:*
*«Болсом эгер каныша,*
*Бүт дүйнөгө жалгыз мен*
*Согор элем полотно.* [ Пушкин А. С. Падыша Салтан… жөнүндө жомок. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940. – 5-б. ]

Байкалып калгандыр, кыргызчасында куюлушкан сөз айкалыштары да, таамай образдык туюнтмалар да, ырдык речке көрк, жаңырык, жамал берген уйкаштар да жок. Анын үстүнө «полотно» дегенди «килем», «кездеме», «назик таар» дебей, ошо бойдон бергени да максатка ылайык болбой калган. Себеби «полотно» деген орус сөзү куду ушул жолкудай колдонулган мааниде кыргыз тилине кирген эмес, «болотнай», «полотнай» деген формада кирип, матанын бир конкреттүү түрүн билдирип кеткен. Ошон үчүн «полотно» деген сөз кыргызча текстте түшүнүксүз бир нерсе катарында кабыл алынып, өз жайында турбай калган.

Биздин котормочу котормонун буквалисттик ыкмасын бекем карманып туруп алганынан орусча тексттеги айрым сөз айкалыштары же уйкаштар саптын муун эсебин толтуруу же уйкаш үчүн гана иштетилгенин байкабай, кыргызчаланбай турган саптарды деле кыргызчалай берген, алардын ордуна кандайдыр ылайыктуу эквиваленттер издеп табуу зарылдыгын эч этибарга алган эмес. Маселен, оригиналда төмөнкүдөй саптар бар:

*Едет с грамотой гонец,*
*И приехал наконец.*
*А ткачиха с поварихой,*
*С сватьей бабой Бабарихой,*
*Обобрать его велят;* [ Пушкин А. С. Собр. соч. – т. 3. – 297-б. ]

Кыргызчасы:
*Падыша берген катты алып*
*Чабарман келди баптанып*
*Өрмөкчү менен тамакчы*
*Бүбү катын мастаны*
*Чабарман көзүн жазгады.*

Албетте, мындагы «баптанып» деген сөз «катты алып» дегенге уйкаш бүтсүн үчүн гана тиги жерге туруп калган, а чынында а сөз «чабарман келди» деген айкалышка анча коошпойт. Ал эми: «А ткачиха с поварихой, С сватьей бабой Бабарихой»,- деген эки саптын: «Өрмөкчү менен тамакчы, Бүбү катын мастаны»,- деп которулганынан сөз жомок башында өз ара сүйлөшүп отурган үч кыздын килейген килем согот элем, бүт дүйнө тойгудай аш-тамак жасайт элем деген экөө жөнүндө, алардын айлакер бир катынга кошулуп падышага күйөөгө чыккан кызга кыянат жасаганы жатканы жөнүндө кеп бара жатканын түшүнүүгө мүмкүн эмес. Мындай жерлерде кыргыз окурманына ачык болуш үчүн баягы падышага тийсем а кылат элем, бу кылат элем деген үч кыздын кур үмүт калган экөө жолдуу болгон кызга өчөшүп чабарманды мас кылганы жатканын таамай туюндуруу керек болчу.

А. С. Пушкиндин «Өлгөн хан кызы жана жети баатыр тууралуу жомогун» М. Элебаев кыргызчалап, 1940-жылы бастырып чыгарган. Илимий адабиятта, асыресе К. Х. Жийдеевандын кыргыздын поэзия жаатындагы көркөм котормосунун тарыхына арналган китебинде М. Элебаевдин бул таржымасы өтө жогору бааланган. [ Джидеева К. Х. Поэтический перевод и историко-литературный процесс. – Фрунзе: Кыргызстан. ] Ырас, М. Элебаевдин котормосу оригиналга салыштырганда кыйла эле жармач, бирок анда чын эле кыргызча дурус чыккан ыр саптары да жок эмес. Ошондой эле котормодо түп нусканын мазмуну (сюжеттик элементтери) туура берилген. Тилекке каршы, аталган таржыманын ушундай ийгиликтери М. Элебаевдин накта чыгармачылык иш-аракетинин натыйжасы болгон эмес. Себеп дегенде биздин акын «Өлгөн хан кызы жана жети баатыр тууралуу жомокту» тикелей орусчадан эмес, казакчадан которгон. Мисал келтирели:

*Хан коштошту ханша калып,*
*Сапарга чыкты бир узак.*
*Ханша карайт айнектен,*
*Жалгыз күтөт бир четтен.*
*Күтө-күтө күн бою,*
*Көзүнө оору болду тап.*
*Көрүнбөдү сүйгөн дос,*
*Өтүп жатат мезгил бош.*
*Аппак кылып ааламды*
*Жалаң гана кар жаады.*

*Ошентип өттү тогуз ай,*
*Тогуз ай карап көз албай.*
*Жүргөн кезде ханшаңыз,*
*Бир күнү теңрим берди кыз.*

*Эртеси эрте таң менен,*
*Узак күндөр күттүргөн,*
*Оролуп алыс сапардан,*
*Бир күнү хан келди аман.* [ Пушкин А. С. Өлгөн хан кызы жана жети баатыр тууралуу жомок. Которгон М. Элебаев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940. – 3-5-бб. ]

Казакчасы:
*Хан костасты ханыша кап,*
*Сапарга шыкты бир узак.*
*Карайды ханыша айнектен*
*Күтеди жалгыз бир шеттен.*
*Күтө-күтө күн узак*
*Көзине ауруу болду тап.*
*Көринбеди сүйген дос!*
*Өтип жатыр уакыт бос.*
*Кар гана тек жауады,*
*Ак пен жерди жабады.*
*Соны мен өтти тогуз ай,*
*Тогыз ай карап көз алмай,*
*Жүрген кезде канышаңыз*
*Бир түнү таңирим берди кыз.*
*Ертеңине ерте мен*
*Узак күндөр күттирген,*
*Оралып алыс сапардан*
*Бир күни хан келди аман.* [ Пушкин А. С. Өлген хан кызы жане жети батыр туралы ертеги. (Котормочусу белгисиз). – Алматы, 1937. – 5-6-бб. ]

Көрүнүп турбайбы, М. Элебаев казакча текстти гана кыргызчалап койгонго жараган, атүгүл «Хан костасты ханша кап, сапарга шыкты бир узак» деп ритмге да салынып, уйкашып да турган эки саптын кыргызчага ошол бойдон дал түшпөгөнүн эске алып, жаңы уйкаш издегенге чыгынбай, ырдын ритмин да, уйкашын да бузуп салган:

*Хан коштошту ханша калып*
*Сапарга чыкты бир узак.*

Албетте, М. Элебаевдин котормосу – механикалык мүнөздөгү гана таржыма. Демек, «Өлгөн хан кызы жана жети баатыр жөнүндө жомоктун» эң алгачкы кыргызча варианты тууралуу сөз кылганда, анын орусчадан эмес, казакчадан көчүрүлгөнү дайыма эске алынууга тийиш. Экинчиден, М. Элебаевдин котормо ишине кадыресе чыгармачылык жумуш деп карабай, өзүнүн менчик жаратмандык иш-аракетин жүргүзүү үчүн материалдык каражат табууга багытталган нерсе катары мамиле кылганын да эстен чыгарбашыбыз керек.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12 (310)
13 12 2024
kyrgyztili@mail.ru

Улут болсоң тилиң менен улутсуң!

tilimpõz

# Катасыз кыргыз тили

tilimpõz

## Кыргызча колдонолу!

| ✗ | ✓ |
|---|---|
| обычно | **адатта** |
| хотя бы | **кур дегенде** |
| даже | **жадагалса** |
| редко | **анда-санда** |
| сразу | **ошол замат** |
| по-любому | **баары бир** |
| пока что | **азырынча** |

**Орусча-кыргызча сөздүк: 51 000 сөз.**
Түз.: К. К. Юдахин 5-бас. 2019-жыл, 1136 б.

tilimpõz

## Кыргызча колдонолу!

| ✗ | ✓ |
|---|---|
| мешать этпе! | **тоскоол болбо!** |
| намекать эт | **четин чыгар** |
| звантет | **чал** |
| отвлекать этпе! | **алаксытпа!** |
| переживать этпе! | **кабатыр болбо!** |
| отправлять эт | **жөнөт** |
| гулять эт | **сейилде** |

**Кыргызча-орусча сөздүк: 51 000 сөз.**
Түз.: К. К. Юдахин. 5-бас. 2019. – 1136 б.

tilimpõz

## Жашылча-жемиштин кыргызча аталышы

- **райкан** — базилик
- **помидор** (батинча) — помидор
- **жалбыз** — мята
- **капуста** (керем) — капуста
- **ашкөк** — укроп
- **пияз** — лук
- **буурчак** — горох
- **төө буурчак** — фасоль
- **зайтун** — олива



tilimpõz

## Жашылча-жемиштин кыргызча аталышы

- **кабакча** — кабачок
- **чамгыр** — редис
- **ашкабак** — тыква
- **турп** — редька
- **бадыраң** — огурец
- **шалгам** — репа
- **картөшкө** — картошка
- **калемпир** — крас. перец
- **сабиз** — морковь
- **мурч** — черн. перец
- **пияз** — лук
- **сарымсак** — чеснок

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12 (310)

13 12 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Чырмоок

*(аңгеме)*





Максуда ОРМОНОВА

Ошол жылы жазында үйдүн күн чыгыш тарабындагы чарчы жерге атыр гүл эккем. Ал жер сары топурак болчу. Жамгыр жаады дегиче боткого айланат. Огеле көп көң салып, жерин даярдагам. Атыр гүлдөрүмдүн жалбырактары барпайып, бирин-серин гүлдөй баштаган. Кызылы менен эле агын алган элем, эмнегедир ар түрдүү болуп ачылды. Сары, пушту, кызыл, ток кызылы да бар. Сатуучу октолгон көчөттөрүн эптеп мага саткан тура. Эптесе эптептир. Ак-кызыл элестеткен гүл бакчам, кыялымдан алда канча кооз болгондой. Күн алыс отоо чөптөрдөн тазалайм. Көң салынганга, чырмоок бир каптады дейсиң. Көчөттөрүм жакын да эгилген экен, аралап өтүп болбойт. Тиги, ортодогу кочкул кызыл гүлдүн сабагы түз, сейрек тикен. Бул гүлдөн бир эле түп чыкты.

– Жеңе, ушул гүлдөрүңүздөн бирди алам, жакында...

Кошунабыз Гүлжаз дарбазадан кирип келди. Ал, быйыл бүтүрүүчү.

– Ал, ал. Мына, гүлдөр ачыла баштады...

– Жеңе, балдарга, эми жи-жигиттерге гүл берсе болобу?. .

– Ой-ээй, деги жөн жүрбөйт турбайсыңбы?

– Айтпаң! Бирок, сонун жигит да, жеңе. Өл-лө сонун... Айтсаңыз, гүл берсем болобу?. .

– Негизи, гүлдү ал сага берсе жакшы болмок...

– Э, беребеберейинчи!. . Мектепте болсо “дүү-дүү” гап...

– Ии, эмнеге?. .

– Ошо... баары эле каршы го...

Гүлжаз кызарып кетти. Ал ушунчалык кызарды, сары жүзүнүн оту мойнуна чейин жетип, күрөң сепкилдери бетинен чачылып кетчүдөй бадырая түштү.

– Бирөөнүн жүрөгү менен кимдин иши бар?

– Иши болмоктон болуп жатпайбы. Эмне, жигитти мен сүйсөм болбойбу?. .

– Эмнеге болбосун?! Кантип болбосун?

Мен да өткөн-кеткенди эстеп кеттимби, оолугуп, колумдагы отолгон чырмоокту тээ алыс ыргытып жибердим.

– Боло берет. Бергиң келсе бер. Көңүлүң ошону каалап турса, бер...

– Кечээтен бери карайм... Те-тиги, ортодогу боор ырaң гүлүңүздөн бересиз ээ? Ош-шол жакты...

Гүлжаз, гүлгө созулган оң колун сол колу менен бекем кыса, көкүрөгүнө тартып алды.

– Пуштусун албайсыңбы? Кызылы, агы да сонун.

– Жок, мен ошону гана сүйдүм...

Гүлжаздын кыска кирпиктүү, сүйүү толгон катсыз көздөрү ортодогу ток кызыл гүлгө кадалып, жымыңдап анып турду.

– Жеңе, сиз акемди кантип сүйдүңүз эле? Ошону айтып бериңчи? Эч кимге айтпайм...

***

– Жеңе!. . Жеңе, барсызбы?

Гүлжаз алактап шашып, кадамын чоң-чоң арыштап жаныма жетип келди.

– Кел, Эрке кыз, кел...

– Бу чырмоок сизди жүдөттү...

– Жүдөтмөктөн жүдөттү. Кызыл балээ болду.

– Мени болсо, ушакчылар той-гуздү...

– Аларды укпа.

– Укпаганга болбой жатат, жеңе! Мени уятсызга чыгарышты! Кыздар чогулушуна да салышты!

– Анан?

– Зулкумар болсо, мени, балдардын артынан өзү чуркап жүрөт дейт. Менин башка балдар менен ишим канча?

– А сен эмне дедиң?

– Мен эчтеке дебей тура бердим.

– Тура бербесең керек? Оозуңду жапса, кулагың сүйлөп кетчү эле, кантип туруп калдың экен?

Гүлжаз, жылмайып койду. Чоктой кызыл көйнөк кийип алыптыр.

– Көйнөгүң сонун экен.

– Жарашыппы?

Ал, этегин кармап бир айланып алды.

– Аябай жарашыптыр.

– Чыт. Апамдын сандыгында бар болчу. Өзүм тигип алдым.

– Койсоңчу.

– Чын, жеңе. Мына, колдо, түн-нү менен тигип чыктым, - деп, этегин кайрыды. Майда илип тигиптир.

– Бейиши болгур, эженин чеберлиги сага калган турбайбы...

Гүлжаздын өңү бузулуп, көзүн жаш чая түштү.

– Эми жагаармын?

– Кеп-сөздөрдү көңүлүңө алба. Сен али жашсың. Жүрөгүңдү көп оорутпа...

– Ии, жең-не! Жүрөгүм оорумактан ооруп бүткөн! Сооротпоң мени!

Ал, дарбазаны көздөй жөнөп, кайра туруп калды.

– Гүл өстүрөм деп, колумдун аймалбаган жери калбады? - дедим, анын көңүлүн алаксыткым келип.

– Тикендин заары жаман, жеңе...

Гүлжаз, боору ооругандай мага бурулду. Бирок, оюу чачырап турган эле.

– Арыкка суу улуу келиптир. Эшиктин алдына суу себелиби? Сен да кайнап келипсиң – деп жылмайдым.

– Челек кана?

Гүлжаз ушуну эле күтүп тургансып, арыктан челекке толтура суу сузуп келип, шарпылдатып үйдүн алдына чача баштады. Себилген суудан жердин жыты буркурайт. Мен болсо топурак жечү адатым кармап, гүлботомду алганы үйгө бастым.

– Жеңе?!

– Азыр, үйгө кирип чыгайын.

– Уксаңыз, уксаңыз мени, жеңе?

Гүлжаз мени көпкө жоголот дегенсип, мелт-калт суусу бар челегин жерге да койбой, аптыгып, сөзүн айтканга шашты.

– Гүлботомду алып чыгам!. .

– Ии, ошо гүлботоңуз барбы!. .

Мен босогого жете элек Гүлжаз, чакадагы сууну өзүнүн башынан ылдый куя салды. Суу саамай чачынан шорголоп, этегинен ылдый акты. Чоктой кызыл чыт көйнөгү денесине жабышып, демин даана сездирген тик көкүрөгүнөн жүрөгү согуп турду...

– Ой-ээй! О... о эмне болдуң! Жерге сеп десе, боюна куйганын кара! Ой, бул эмне кылганың! Тур эми ошентип, шөмтүрөп!

Мен анын жанына жетип бардым.

– Түтө-өп турганымды көр-дүңүзб-бү?. .

Ал энтигип сүйлөдү.

– Көрдүм! Көрдүм! Ысык коломтого суу сепкендей болуп турасың! Кандай жигит болду экен, ушу сени отко кактаган!

– Мени өрт-төп бүттү!. . Ушак-чылар да мени жеңди!

– Эмнеге жеңет экен?!

– Анан сизге анын катын окутам. Өлгүмдү келтирди, жеңе! Мени... мени кыз эмес деп айтышыптыр! Эмне, эми ал, мени ошентип ойлойбу?!

Гүлжаз колундагы чаканы көтөрүп, түбүндө калган сууну ичип жиберди.

– Ай, ичпе аны! Арыктан сузуп алган сууну ичесиңби! Ылайдын баарын жуттуң, апенди!

Анын колунан челекти ала койдум.

– Ичимдеги отко баары бир эмеспи! Дөөпараз Касымга деле атайын өптүрүштү... Ал жинди, көчөнүн так ортосунда мени кучактап албадыбы... Ииий, сас-сыган ит десе! Мен кор болдум, жеңе!. .

– Кой деген бирөө-жарым болбодубу?! Мен эртең барайын, барайынчы ошо мектебиңе. Мага, тиги баланы да көрсөтчү?!

– Жок, жеңе! Жок!. .

– Мунун баарын жасап жаткан ким өзү?!

– Ону сүйгөн бирөө бар... Шол... Адамдар жалганга ишене беришеби, жеңе!

Гүлжаз жер тепти. Кабагы чогулуп, көзүнө жаш толду. Карегинде чалкыган арыз-арман турду.

– Унутчу, ошол жигитти. Мен сени өзүмдүн иним менен тааныштырайын. Абдан жакшы бала. Мага келин болсоң жаманбы? Капаланба. Эч кимге капаланба. Көйнөгүңдү алмаштырып келчи, сүйлөшөлү.

Гүлжаздын коргошундай уюп турган капалыгын жазгым келип, тапкан айлам ушул болду. Кайсы инимди айтып жатканымды да билбейм.

– Ооба, ошентейин, жеңе. Жок дегенде, гүлүмдү берип койгонумда эмне...

Ал, башын созуп гүлдөрдүн арасынан өзүнүн сүйгөн гүлүн карагандай болду.

– Шөмтүрөгөн ай, шөмтүрөгөн! Сууга түшкөн чычкандай болдуң да калдың!- мен аны узата бастым.

Ал, көйнөгүнүн санына, жамбашына, көкүрөгүнө жабышкан жерлерин оңдоп, түздөп мен мурда укпаган кайсы бир обонду кыңылдап, анан, эки колун бийик көтөрүп, башын алка-шалка кылып бийлеп алды. Анын эркелеп да, эрээркеп да турган муңайым карегинен алоолонгон бейбаш отту көрдүм.

***

Гүлжаз кайра келбеди. Аны эстегенче ал жактырган ортолуктагы гүлдү карадым, башкача болуп калгандай. Ал жак, бул жагынан жол таап, гүлгө жакын бардым. Көргөн көзүмө ишенбейм, чырмоок чанактын тамагынан бууп, гүлдүн башын ийип ороптур. Кантип көрбөй калдым?! Башкасын ал дейм го, эми келсе... Ичим тыз деп алды.

Таң атпай кошуналардын ызы-чуусунан ойгондук. Гүлжаз муунуп алыптыр!. .

Чатыштап бараттым. Канатташ кошунамдын үйү алыстап кеткендей...

– Согуму бар бекен?! А шонусу зарыл!- деп жатыптыр, быкжыйган, шире мас, жалжак көнөк.

– Ал сенин ишиң эмес, Касым! Баргын да, жуунуп-таранып, дааратың менен кел! Өгүздөй ичкениңди качан токтотоор экенсиң?!

Самат аксакал, таягына жөлөнүп, тигиге тике карады.

– Өгүздөй ичсем өз акчама ичем! Өлө турган жанга кандай жашасам, өз-зүм билем! Мага акыл үйрөтпөө-гүлө!

– О Кудай урган! Адам болбойт экенсиң да! Жогол көзүмө көрүнбөй! - аксакал калчылдап кетти.

Кишилер чогула калышты.

– Үнүңдү бас, Касым! Өлүм болуп жатат бул жерде!

– Өлүм болсо эмне экен! Болбой жүрдү беле?! Адам болуп көрүнөсүңөр-р! Ошо, ошо мага акыл үйрөткөндөр-р, баарыңар өлгөн жерге ысыктаганы келесиңер-р, аа?! Же жалганбы?!. . Эн-нең...

“ Иий, сас-сыган ит” Гүлжаздын кечээки сөзү кулагыма жаңыра... жаңыра түштү...

Дале ишенип-ишенбей, кошунамдын үйүнө кирип бардым.

– Каты бар экен дешет...

– Кандай кат?

– Ниме жазылды экен?

– Жаман иш боптур, оп-поо!

– Шайтан азгырык!

Аялдардын арасында ушундай кеп.

– Аа!. . Аттаңатат-аа! А барат эдең-у шойерге! Шашпай кал-а! Шашпай кал!. .

Күмүштөн кылган-а үбөлүк, а,
Күйгүзүп кеттиң түбөлүк, а.
Алтындан кылган үбөлүк, а,
Оо, адашып кеттиң-а, түбөлүк,а...

Таякчан кемпир буркурап ыйлап, эмшеңдеп, сөөктүн бетин ачып, колундагы жузарчысын желпилдетти.

Ток кызыл бахмал жамынып, ээги ак сурп менен таңылып, кападар “сулуу” созулуп жатты... Жансыз жасаттан чырмоокко чырмалган гүлдү көрдүм. Ал соолуган эле... Токтоно албадым...

Агын дайрам сен элең, а,
Арызың угаар мен элем.
Көгүн дайрам сен элең, а,
Көөнүңдү алаар мен элем.
О, жеңенин сүйгөн Эркеси-йа,
Жеңелеп келсең дем элең...
Кестирбей кызыл көйнөктү-йа,
Керилип кийсең болбойбу, а.
Энеден калган өксүгүм, оо...
Эл менен жүрсөң болбойбу-йа?
Өмүрдүн көрбөй жыргалын, а
Өлгөндү сага ким койду-йа?
Чыгайын десең эшик жок, а,
Шыкааларга тешик жок, а...
Шыбаксыз жайга шашылып, оо,
Күйдүрүп кеттиң эси жок- а...
Жеңи жок туюк кепинге-йа...
Жеңилсең кантем ичим чок, а...
Кыйкырсаң үнүн ким угат, уу...
Кыймылсыз танди ким туят, оф-ф...
Мүрда деп кантип айтайын, а...
Маңдайын турса жылтырап, оф-ф...
Ыйлаган бойдон кеттинби-йа...
Көзүңдө жашың кылгырат, уф-ф...

– Ка-атта кылып жазып коюптур, ак кагазга!. .

Селт этип, дагы айтаарым оозуман ыргып, Гүлжаздын эжесин карадым. Ал үзүл-кесил сүйлөп, көнөктөп ыйлап турду.

“Апама кеттим”деп жазыптыр катка.

Өлбөй ө-өл!. . Өлбөй ө-өл!. .

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№12 (310)
13 12 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Жүгөрү

*(аңгеме)*



Миргүл НАРАЛИЕВА



Сабыр өзүн Айганыш көрбөсүн деп, атайын башка көчө менен айланып үйүнө барды. Бир кезде атасы сайдагы жоон талдан кыйып келип жасап койгон качанкы эскилиги жеткен, каржайган эргилчекти кармады. Ага байланган жипти шаша-буша чечип короого кирип, кайра ушул жип гана Айганыштан куткарчудай бат-баттан чырмай салып, үйүнө чуркап кирип кетти. Мойнуна илинген оор жүктөн бошонгондой,

– Өх, – деп босогого олтура калды. Аңгыча,

– Атам келди – деп, эки кичине баласы чуркап келип мойнуна асылышты.

– Апаңар кайда? – деди Сабыр балдарын өөп жатып.

– Апам таенемдикине кеткен, – дегиче болбой эле эшиктен аялы кирип келди.

Колунда кагазга оролгон бир нерсе бар. Ал күйөөсүн карап, колундагысын ача сала:

– Апама баргам, байкуш апам кой десем болбой пенсиясынан көйнөк алып коюптур – деп көйнөгүн алып чыгып көрсөттү.

– Аи-ий, апа сонун көйнөк го, – кызы көйнөктү кармалап, гүлдөрүнө кызыкты.

Күйөөсүнүн ооз учунан “жакшы экен” деп күңкүлдөгөнүнө наразы боло, аркы бөлмөгө кирип көйнөгүн кийип чыкты.

– Кандай экен? Жарашат бекен? – деп ары-бери тегеренди.

Эки баласына апасы канаты жайылган кооз көпөлөктөй көрүндү.

– Апа сонун экен – деп, экөө эки жагынан секирип, кубанып жатты.

Сабыр аялына тигилип турганы менен оюнда Айганыш турду. Түндөп болсо да ага барыш керек. Болбосо эртең айыбымды ачат. Сөзсүз барыш керек... Кара тору жүзү ого бетер карайбасын.

Түшкү тамак учурунда Сабырдын 9-класста окуп жаткан баласы Аман сабактан келди. Үнү жооноюп, муруттары сербейип чыгып калган баласы жанына отурганда жагымдуу жыттанып кеткенин сезди Сабыр. Уулум кыздарга жолугуп келген го – деп, ойлоду ичинен.

– Балам окууң жакшыбы?

– Жакшы эле. Жума экөөбүз үй тапшырмаларды чогуу аткаралы дегенбиз. Бүгүн барып келсем болобу? Сабактар көбүрөөк, кеч келишим мүмкүн – деди, жерди карап. Сабырга бүгүн баласынын кечирээк келгени жакшы болгону турат. Демейде “караңгыда көп жүрбө, көчөгө чыкпа” дечү. Азыр болсо:

– Макул кечирээк келсең, кечирээк кел, – деп шыпшынып алды.

Сабыр тамагын ичип бүтүп, эшикке чыкты. Жегени желим ичкени ирим болуп, бир ордуна туралбайт. Сарай жакка акырын басып барды да, акырда жаткан эски чараны көтөрүп, шаты менен там башына шашылып чыгып кетти. Жаздан бери мээнет кылып баккан жүгөрүсүн жыйнап келип, паясын өзүнчө жыйып, башын төрт күн мурун там башына жайышкан. Бул үй-бүлөнүн ишенген жалгыз кирешеси ошол жүгөрү.

Темир чараны аярлай жерге коюп, устунга көчүк басты. Жүгөрүнү колго чыгарып алып, темир чарадан үн чыкпасын деп акырын салып жатты. Колу кызарып, ысып чыкты. Чарадагы чыгарылган жүгөрү жарымынан өйдөлөп калганда, короодон аялынын үнү чыкты.

– Атаң кайда кетти, көргөн жоксуңбу? – деп баласынан сурады.

– Жо-ок көргөн жокмун – деди, баласы.

– Даараткананы карап келчи – деп, аялы баласын жумшады.

– Атам ал жакта жок экен – деди, баласы алыстан.

Сабыр жүгөрүсүн чыгарганын токтоткон жок. Бир маалда шаты менен бирөө келе жатканын сезди. Тык токтоду да, чарадагы жүгөрүнүн үстүнө, мардектерин салып, мордун ары жагына коюп, өзү морго жабыша далдаланып калды. Шаты менен чыгып келе жаткан аялы экен. Анын да колунда чарасы бар. Жаңы эле Сабыр туруп кеткен устунга отурду да, жүгөрү чыгара баштады.

Сабыр Седептин алтыртан ак жуумал жүзүн биринчи жолу көргөндөй тиктеп калды. Мектептеги олимпиадалардын биринде ага кат бергени дароо эсине түштү. Анда да дал ушинтип бакырайган көздөрү менен кагаз бетин тиктеп отурган. Кийин баш кошту. Ата-энесине боорукер келин, өзүнө жароокер жар болду. Экөөнүн кандай гана бийик, тунук асыл максаттары бар эле. Капыстан эле минтип заман алмашып, колхоз таланып, жумушсуздук, каатчылык, жокчулук кез келди. Билимдүүлөр базарда, базарда болбосо турмуштун түрдүү казанында кайнап жатты. Экөө да үч баласын өп-чап багып, эл арасында көч карасында жашап атат. Турмуш кыйнап турса да сынынан кетпеген Седептин асыл сапатына көп учурда таң берер эле. Бирок азыр эмнеге жашырып жүгөрү чыгарып жатат? Мен го жаңылып жазып, ушул ишке туш болдум. А Седепчи, ага эмне болду?

Ушул кышта мештин оозунан түтүн чыга берип, Сабыр морду араң тазалаган. Ошондо бир жеринен бурулдап чыккан түтүндүн орду кара көө болуп калган эле. Шашып бекингенде дал ошол тушка бетин такап туруп алыптыр. Бети-башы көө болгонун бетин акырын сылап, булганган колунан байкады. Эми анысы ал, баарынан да табарсыгы толуп, даарatkанага шаштырып, кыстап туруп алганычы. Канчалык чыдайын десе да, башындагы кан тамырлардан бери чыңалып, чыдабай калды. Аялы да жүгөрүнү шашып чыгарып жаткандай. Азыр мордун артынан чыга калса кандай болот? Аялынын жүрөгү түшөт го. Калпым чыкчыка, чымын жаным чыксын дейт беле.

Башка айла жок... акырын кое берди. Шымынан ылдый аккан ысык заара көлөчүнө толуп жатты. Жеңилдегени жакшы, бирок эми эмне болот? Аялы дагы деле жүгөрү чыгарып жатат. Чарасы ортолоп калыптыр. Бир маалда кызы ылдыйдан – Апа! – деп издеп калды. Седеп чара менен кошо ала келген баштыгына жүгөрүсүн салды да, көтөрүнүп шаты менен түшүп кетти. Сабыр муздак, ным шымынан өзү жийиркенип көлөчүндө калган дале жылуу заарасын төктү. Көлөчүн кайра кийип чыгарылган жүгөрүсүн акырын каптын түбүнө салды. Аны төр жактагы эски буюмдардын арасына катып койду. Эми тамдын башынан аялына көрүнбөй түшүш керек.

Бир маалда арытан, түтүтүтү-түтү, – деген аялынын тоокторгo жем чачып жаткан үнүн укту. Тооктор короонун аркы тарабында. Чарасын көтөрүп шатыдан ыргып түштү. Чараны ары коё салып, арыктагы сууга бутун чечип жууду. Бетиндеги көөсүн кетирмекке, ылайдан алып бетине шыбап бетин чайкады. Көлөчүн сууга малып-малып кайра бутуна сүйрөп кийип, сороксорок этип бутунун учу менен басып үйүнө кирди. Уул-кызы уктап жатыптыр. Түз эле шифонерге барып күзгүнү карады. Бети карала торала. Өзүн көрүп алып “бырс” күлдү. Балдары ойгоо болсо жүрөгүн түшүрмөк экен. Сабыр биринчи кийимин которду, анан бетинин көөсүн сүлгү менен тазалап ага булганган шымы менен ич кийимин ороп туруп терезеден гүлдүн арасына ыргытты. Аны кечинде жууп сарайга жайып коймой болду. Уктап жаткан кичине баласынын жанына келип жатып алды. Эми кеч болуусун күттү.

– Күүгүмдө уктабай, турсаңчы?! – деген аялынын үнүнөн ойгонуп кетти.

Каш карайып калган экен. Сабыр эшикке чыгып бети колун жууду да, тамдын башын бир карап алды.

– Загара ун калбай калды – деди, Седеп күйөөсүнө чай сунуп жатып.

– Эртең барыбыз жүгөрү чыгаралы, кечинде тегирменге тарттырып келем, – деп күңк этти Сабыр.

Куурулган картошка менен загара ундан жасалган нанды жеп жаткан балдары бактылуу. Бул тамак да кээде жок болуп калат.

– Мен бир аздан кийин апама барып келейин, чакыртып жибериптир – деди, Седеп жалооруй.

– Жөн жай элеби?

– Билбейм, барып эле кайра келе калам – деп, Седеп балдарына үңүлдү.

– Мейлиң, барсаң бар! - деди Сабыр.

Ичинен “ырас болбодубу” деп ойлоду. Аялы короодон чыгып кетери менен жүгөрү салынган кабын көтөрүп алып, түз эле Айганыштыкын көздөй жөнөдү. Эки көчөнү аттап-буттап өтүп, заматта жеткендей болду. Эшигин тартса жабык. Күтөм дебеди беле? Такылдатты. Арытан иттин үргөнү угулуп, анан Айганыштын дүкөнүнүнүн эшиги ачылды.

– Ии келдиңби, кир? – деген Айганыш көңүлсүз бурулуп, текчелерди көздөй басты. Сабыр аны ээрчий келип:

– Айганыш, сен аялыма айткан жоксуңбу? – деди.

– Жок, сенин айыбыңды төккөндөн мага не пайда? Айткан убадаңа туруп, өз убагынан кечикпей карызыңдан кутулуп турганың керек – деп шыңкылдап күлдү.

Айганыш – ушул айылдын дүкөнчүсү. Бир кезде айылдын арыкчыгай, ийменчээк кызы эле. Турмушка чыккандан кийин толуп, топчудай болгон кара көзү жылжыйгөндөн жылжыйп эле баратат. Мүнөзү да өзгөрдү. Дүкөнгө баш баккан айыл тургундарына өктөм сүйлөп көнүп алган. Себеби алардын көбү ушул Айганыштан карызга кийимкечек, азык-түлүк алып турушат. Карызын кечиктиргендердин ит абийирин кетирет. Андан коркуп акчасы бары акчасын, акчасы жогу минтип Сабырга окшоп жүгөрү алып келишет.

– Кана, алып кел капты, таразага кой! – деп Айганыш адатынча буюра сүйлөдү.

Сабыр тиги бурчка коюп койгон кабын алганы басып кеткенде артынан аялынын:

– Айганыш жакшы болбодубу дүкөнүң ачык экен. Мен көйнөктөн кутулайын деп келдим деген үнүн укту.

Айганыш “артыңды кара” деп ишарат бергенде Седеп артына бурулуп, Сабырды көрдү. Ошол маалда дүкөнгө алардын уулу Аман жарым баштык жүгөрүсүн көтөрүп кирип келди. Баары биринбири таң калып карап калды. Алардын сырын билген Айганыш “Эч кимге айтпа” деп алышып, кайра баары бир учурда келип алгандарына күлкүсү келди.

Сабыр үч күн мурун көчөдөн өтүп бара жатса өткөнкеткенди тооруп отурган достору, арак алып бербейсиңби – деп, кысташкан. Алып бербей коюга таптакыр болчудай эмес. Колунда коко тыйыны жок. Акыры Айганышка жалдырап жатып эки бөтөлкөнү карызга алып берген. Жашоо тирлиги өп-чап болуп тургандa, Седеп билбей эле койсунчу деп андан жашырган.

Седеп да бүгүнкү алган көйнөктү абдан кийгиси келди. Турмушка чыккандан бери жаңы көйнөк албаптыр. Бул көйнөк дүкөнгө келген күндөн баштап күнүгө келип кармалап кетет. Аны байкаган Айганыш:

– Седеп, көйнөк жактыбы? – деп сурады.

– Абдан жакты! Бирок тыйын жок болуп эле – деп, мукантанып калды.

– Жүгөрүңөрдү аңыздан жыйнап алдыңарбы?

– Ооба.

– Анда жүгөрү менен кутулсаң болот. Ал, ала бер! Мен сага ишенем.

– Аи-ий чоң ырахмат!

– Бирок жүгөрүнү бүгүн алып келесиң! – деди, Айганыш көзүн жылжыйтып.

– Макул, бирок Сабырга айтпай эле койчу, тыйын таптыш болуп турганда көйнөк алып алдың деп таарынбасын – деп өтүнгөн Седеп.

– Кам санаба! - деп, Айганыш көйнөктү кармата салган.

Аман да классындагы өзү жактырып жүргөн кызга "Сникерс" деген жаңы чыккан шоколадды Айганыштан жалдырап отуруп алып кеткен. Ал да жүгөрү менен кутулмак. Үчөө тең айткан убагында Айганыштан кутулушту. Бирок бири-бирине тике карай албай баштарын шылкыйтып үйлөрүнө кетип баратты.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12 (310)

13 12 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Кене

*(аңгеме)*



**Дүйшемамбет ОРОЗАЛИЕВ**

Аламүдүн райондук соту жайгашкан көчөнүн батыш жагында адвокат иним менен маектешип тургам. “Сүйлөшө турган сөздөр бар эле” деп телефон чалсам “ушул жердемин” дегенинен жетип келгенмин. Көптөн бери жолукпаганга ар кайсы темада кажылдаша кеттик. Негизи экөөбүз сырдашпыз. Кээде эч кимге айтпаган анча-мынча сырлар да чыгып кетчү оозумдан. Келечек пландардан бери жашырбай ага айта берчүмүн. Бул жолу аны издеп келгендеги максатымды уккада кардар менен сүйлөшүп атkансып олуттуу түр көрсөтүп, мени суракка ала баштады:

– Эки-үч батир сатып ала турган акчаны жумшап салгансыз го?.. Ремонтко да ошончо акча кетмек беле?

– Ресторандын ремонту үчүн бул анча деле чоң сумма эмес го. ?

– Мен үчүн бул түшүмө да кирбей турган акча - деп, иним сырдуу жылмая баш чайкап койду.

– Эптеп кайтарып алып бер эми.

– Келишимди карап чыгайын, балким илинчек табылып калгысы бардыр. Мыйзамга такап чубап чыгыш керек. Акчаны жумшардан мурун келишимди мага көрсөтүп койсоңуз болмок да!

– Абдан эле жакшы адамдардай көрүнгөн. Ишендим да. Бир айласын табарсың...

– Убада бере албайм, бирок колумдан келишинче аракет кылам. Кандай болгон күндө да сот чечет. Сиз ойлогондой болбой калса таарынбайсыз. Мыйзам деген баары бир мыйзам да.

Кап, соттогу иш менин пайдама чечилип, иним бир жолун таап акчамды алып берип кое салчудай, банктагы кредиттерим, башка бересөлерим, салык төлөмдөрү, кол алдымдагылардын айлык маяналары төлөнүп, башымды ооруткан көп көйгөйлөрдөн арылып кетчүдөй делбеленип жетип келген болчумун. Өз бир тууганым эмеспи, бир айласын табар, мыкты юрист да деген үмүт мурдумдан чүлүктөй сүйрөп келген эле. Эми анын минтип айтканы башымдагы толгон токой көйгөйлөргө аралашкан арсар ой болуп жатып калды.

Аңгыча биздин маңдайыбыздагы кооз дарбаза ачыла түштү. Короосун курчаган дубалдын текши коюлган кыпкызыл кирпичтери кыпкызыл акчадай көрүндү мага. Үйүнүн сырты да сарыташ менен ашемделип жасалыптыр. Чатыры акыркы үлгүдөгү "черепица". Короо толгон розалардын (калган гүлдөр мага тааныш эместей) арасынан кара түстөгү БМВ өгүздөй булкунуп сыртка чыкты. Карасакалы бетин жапкан отуз бештердеги жигит машинадан түшүп, дарбазаны жапкыча ичкериден башын чулгуй кандек ит оро-пара чыга келип, биз сүйлөшүп турган дарбазанын чыгыш жагындагы арчанын түбүнө көлөкөлөй жатып калды.

– БМВ классика экен, - деди иним суктанып.

– Ооба, - дедим эмнеси ошондой экенин түшүнбөсөм деле коштой.

– Булар жалаң классика айдашат тура, - иним короонун ичинде турган Мерседеске ээк шилтеди.

– Ошондой окшойт, — дале сыр бербедим. Отуз жылга чукул машина айдасам да алардын эмнеси классика экенине кызыкпаптырмын.

– Эскирээк эмеспи, БМВ? - деп сурадым өкүргөн өгүздөн бетер тез эле бурулуштан көрүнбөй калган машинанын түтүнүн карай.

– Мурдагы кыйындар минген жакшы маркасы да. Ушулар сапаттуу чыккан азыркыларга караганда бышык. Ошон үчүн классика да. Тиги короосундагы “Мерседес” дагы ошондой.

– Аа, - дедим түшүнгөн өңдөнө инимдин классика кийимин карап. Адвокат да, ушундай кийиниш керек го деп ойлодум ичимден. Анан калса узун боюна, буудай өңдүү бизге караганда акжуумал жүзүнө, европалык кебетеленген коңкойгон кырдач мурдуна балбылдаган көзү жарашып, ичке дагы эмес, өтө калбыйган дагы эмес эриндери менен шашып сүйлөгөндө кээ бир сөздөрүн түшүнбөй калганым менен, “балдарымдын аш катыгы” деп апам тамаша чынга сала эркелеткенинче бар экенине ичимден ынана, элжирей тиктедим.

Ал ортодо жанагы кандек бир жагына булкуна куйругун тиштеп, кайра сол жагына секире өзүн каап, башын дубалга сөйкөй калып, жерге оонай калып жаналакетке түшүп атты.

– Муногу оорукчан эмеспи, — кетенчиктеп алыстай бердим, - кутурган неме болуп жүрбөсүн?

– Жоок, шаарда андай жок го. Эмдетишет да, кожоюну бай неме экен, - деди иним.

– Билбесем...

Аңгыча желим баштыкка салынган беш-алты жумуртка көтөргөн, үстүндөгү көйнөгү шалбырап спортивкасына жарым жартылай шымдалган, сакал-муруту өскөн, бети-колу ындыкара неме жылаңаяк бутуна сүйрөгөн желим сандалы менен асфальтты шыпыра башын бир жагына кыйшайта жаныбызга жетип келди. Улам кашынып аткан кандекке эңкейип отура калып, аны менен эски тааныштардай сүйлөшө баштады.

– Сладкая моя, хорошая моя... Не болду сага?. . Менден башка эч ким карабайт экен да сени. Кожоюнуңдун көзүн май баскан да. Ага акча болсо эле болду да. Азыр, кичине сабыр кыл. Чыдап тур эми бир аз. Дагы кене жабышып алган тура. Азыр. Мына карабайсыңбы...

Кандектин башын, кулагын сылагылап атты ындыкара. Иттин башынан бир нерсени сыдырып алып, жерге таштап желим сандалы менен тебелегенсиди. Ит куйругун булгалай кыңшылап, тигинин колун жалап жалооруп карап турду кадимкидей сүйлөшкөнсүп.

– Сенин итиңби? — деп сурадым.

– Жок, мен көчөнүн тиги башында турам. Жолдон өткөн сайын бул көчөнүн иттерин кенеден арылтып турам, - деди ындыкара.

– Ветеринарсыңбы?

– Жоок, жөн эле... Бул байкуштарды эч ким карабайт да. Баары өлүү дүйнөнүн артынан кубалашат. Булар тирүү жан да. Өткөндө тетиги соттун алдындагы арчанын түбүндө ушул кандектин башынан он беш кене алып өлтүрдүм. Кенелер да акылдуу, шумшуктар... Башына гана жабышып алып канын сорушат.

– Калган жагына жабышпайбы?

– Алар акылдуу деп атпаймбы. Ит тумшугу жеткен жерди өзү эле тиштеп тазалап алат да. Башына тумшугу жетпесе кантсин?. .

– Колу, буту менен кашынса болбойбу?

– Эми булардын колу адамдын колундай эмес да... Кармап мага окшоп терип алганга.

– Аа. Жакшы иш кылыпсың да орозодо. Сооп болот.

– Ой мен орозо эместе деле ушинтип тазалап коём. Карачы жыргап калды, - деди, керилип-чоюлуп өзү чыккан дарбазанын түбүнө жата кеткен итти көрсөтө,- уктай албай калган да кене басып. Эми куп гана уктайт...

Андан ары ындыкара кара жумушта иштерин, оор жумуштан улам бел омурткалары ооруп жүргөнүн, операцияга акчасы жок экенин, классташ кызы милиция күйөөсүнөн токмок жегенде ага арызданарын, жогорку билими тууралуу дипломду сандыкта саргайганын, дагы бир топ нерселерди мен сурабасам деле баяндап берип жолуна түштү. Шагын сындырбай баш ийкегилеп угуп турдум.

– Сен да тиги кишиге окшоп иттер менен сүйлөшөт белең? – деп, сурадым инимден.

– Жок, мен ал кишинин өзү менен да сүйлөшпөйт болчумун,- деди иним.

“Жатындаш бир тууганым да, акчамды алып бере албаса да аман болсунчу” деген оюмду, “Мени чакырып калышты, соттук отурумга катышмак элем” деп шаша сүйлөгөн инимдин үнү жулуп кетти.

– Аа, макул анда, балдарды өөп кой,- деп оозумду жыйгыча кайра кайрылып келип калган ындыкара:

– Неме... Айтпай калыптырмын... Жанагы көздөрүн май баскандардын башы толгон эле кене. Алар иттикин коюп өзүлөрүнүкүн тазалап алышсынчы адегенде. Кудай аларды атайылап өздөрүнө калтырса керек... Кыйын болсо өздөрү тазалашсын, хе-хе-хе... —деп колун шилтеп коюп бир капталына кыйшайган калыбында шалпшылп эткен ыргагын жазбай, кимдир бирөө менен сүйлөшкөнсүп кобурап узай берди. Мен анын бул сөзүнө таң кала:

– Сократ го, өзүнчө эле -деп жылмайып алдым. Негедир ушул учурда “Көзүн май баскандардын башы толгон эле кене” деген сөз кулагымда жаңырып туруп алды.

Баса, өз башымда канча кене болду экен?- деген ой эми кене издеп жөнөдү. Жай саратандагы ысык асфальттын табы аз келгенсип, төбөдөн куйкалаган Күн кенени да издете койчудай эмес. Жолдугата көлөкө кууп, бийик арчаларга жашынган “Аламүдүн райондук соту” деген алтын түстүү алкактагы жазуусу менен бир эсе сүрдүү да, бир эсе коркунучтуу да көрүнгөн имараттын жанынан тээ көңүл түпкүрүндө бүлбүлдөгөн үмүттүн учкунун өчүргүм келбей кылчая карап, жай басып бараттым.



Жогорку адабий курс

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫКА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12 (310)
13 12 2024
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№12
(310)

13
12
2024

kyrgyztili@mail.ru



**Афина БАКИРОВА**

***

*Жээктей басып жээги гүлдүү шар сууну,*
*Жеттиң бекен татынакай үйүңө?*
*Чай үстүндө жомоктоп бер көңүлдүү,*
*Сени чоктой ысык сүйгөн күйөөңө.*

*Сүйүп туруп бактыга карк болбогон,*
*Адамдагы жүрөк карып, эс карып.*
*Сырт күңүрттөп бара тканда айтылат,*
*Терең сырлар... Ээ,  тереңим, кеч жарык!*

*Ала качып жаның менен эсиңди,*
*Алаксыткан башка адам -  ашыгың.*
*Ушул дөөлөт ашыгыңа жетер дейм,*
*Айың болду асманыңда  асылуу...*

*Күн балбылдап, суу жаңырып, сай гүлдөп,*
*Күүлдөйт экен сен жашаган аралча.*
*Коломтоңдон чачыраган учкунда,*
*Сан аялдын көксөөсү бар, оо алча!*

*Балаң ойнойт күкүктөшүп Күн менен,*
*Терген ташы жөн таш эмес акактыр.*
*Жашы жүздөн ашкан, аса таяктуу,*
*Бир олуя түштөрүндө жашайттыр.*

*Максаттарың учсуз-учсуз  деңиздер,*
*Кумарлантып , кызыл жүзүң боз кылган.*
*Сенин ушул жаш-курагың ак шарап,*
*Шул жашоого мас кылган да, дос кылган...*

*Кайра жаркып, же түтөгөн көөнүңдө,*
*Мага айтарың не тартылат, не толот.*
*Эки жаман бир-бирине бата албайт,*
*Эки жакшы бир-бирине пир болот.*

*Чатырыңда асаба туу жалпылдап,*
*Бакыт турган жерди сага көрсөтөт.*
*Жылдыз толгон себетиңде бир чындык,*
*Сага күйгөн күйөөң болот,  сүйүү өчөт.*

*Сага күйгөн күйөөң болот, баары өтөт!*



**Эльмира ТОКТОМУШЕВА**

## *Өмүр шамы*

*Мезгилдин мерчемсиз жарыгы,*
*Жылдыздар жымыңдап кайыды.*
*Кебелбей кең асман чатырап,*
*Керемет күү салат жаңырып.*

*Өмүрдү түбөлүк деп санап,*
*Адамзат баарынан кеч калат.*
*Күтпөсүн билдирип убакыт,*
*Күн батып, күүгүмдөн кеч барат.*

*Зерикпей күн-түнү жан сабап,*
*Ак мээнет адамдар бак табат.*
*Өнөрүн элине тартуулап,*
*Өмүргө өчпөгөн шам жагат!*



**Нургуль КАЧКАНАКОВА**

## *Унуткам сени*

*Көзүңдү тиктеп, жылуулук издеп үңүлгөм,*
*Көрүнбөй калган жаштыкты таппай үзүлгөм.*
*Арманда кетти, ак жамгыр болуп басылбай,*
*Андагы биздин сезимден эбак түңүлгөм.*

*Күткөмүн канча, карабай өткөн ай жылга,*
*Кадыркеч өзүң келбедиң өттү, жай мына.*
*Кездешким келген айталбай жүрөк сырларды,*
*Кетсе да жаштык саргайган күздүн айлына.*

*Жолукпа эми, төгүлүп турган баягы,*
*Кундуздай чач жок, агарды алтын саамайым.*
*Саргайып күтпөйм азыр мен сени унуткам,*
*Сагыныч күүсүн саптарга катып жазгамын.*



**Замира КАШКАРИЕВА**

## *Түнөгүм*

*Томсоруп менин жогумду сезээр түнөгүм,.*
*Алыста жүрсөм ээнсиреп эңсеп күтөөрүм.*
*Күтүшөт мени бапестеп жыйган оокатым,*
*Сыр сандык, казан, табагым, анан гүлдөрүм.*

*Наристе ойноп, чоңоюп сенде торолуп,*
*Үйлөнүп уулум, үй- бүлөм турат көгөрүп.*
*Базардай болуп чогулуп келсе балдарым,*
*Жарыгың чачып толосуң шаңга бөлөнүп.*



**Айгүл ТОГОЛОКОВА**

## *Жалбырак*

*Каалгый учуп сары түстүү жалбырак,*
*Эркелете сылап өттү жүзүмдү.*
*Мезгил жетип бутагынан үзүлүп,*
*Эске салды келер өмүр күзүмдү.*

*Аста кармап турдум ойго чөмүлө,*
*Окугандай өмүрүмдүн барагын.*
*Кубулжуган айлананы негедир,*
*Келе берди көзүм тойбой карагым.*

*Кийими сен шуудураган дарактын,*
*Канча көздү суктандыра караттың.*
*Жазда кайра сенден көйнөк кийет деп,*
*Бак-даракка сугум артып бараттым.*



**Айгүл ОРМУКОВА**

## *Ысык-Көлүм*

*Ала-Тоонун койнунда чөйчөк сымал,*
*алтын көлүм өзүңсүң мончок тумар.*
*Толкунуңдан толукшуп эргүү алган,*
*тоолук элдин өзүңдөй олжосу бар.*

*Келберсиген керемет сырды көрдүм,*
*Тереңинде катылган ырды көрдүм.*
*Капалыкты айдаган эрке желдүү,*
*касиетиң артыкча Ысык-Көлүм!*

*Жээкте жүрсөм, жем издеп жандап мени,*
*Ак чардактар ырдашат алда эмнени?*
*Ысык-Көлүм, ырыстан бүткөнсүгөн,*
*тоолук элдин өзүңсүң ак бермети!*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779, 34 СОМ

**Кыргыз тили**
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:**
Орозалы Жапар уулу
0(700) 93 25 03
**Жооптуу катчы:**
Бактыгүл Өмүралиева
0(702) 52 59 42

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Айтматов көчөсү, 1/2
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил. "Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24
**Буюртма:** 598
**Нускасы:** 3 150